

1-2
2020

ISSN 0132-618x
1928-жылдан баштап чыгууда

# ЭЛ АГАРТУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН
“АРДАК БЕЛГИСИ” ОРДЕНДҮҮ ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ЖУРНАЛЫ
-------------------------------------------------

НАУЧНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ И МЕТОДИЧЕСКИЙ ОРДЕНА «ЗНАК ПОЧЕТА» ЖУРНАЛ МИНИСТЕРСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
---------------------------------------------------------

SCIENTIFIC-PEDAGOGICAL AND METHODOLOGICAL ORDER "BADGE OF HONOR" MAGAZINE OF THE MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Редколлегия**

1. **Анаркулов Х.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор.
2. **Акматалиев А.А**. -филология илимдеринин доктору, академик
3. **Бекбоев И.Б. -** педагогика илимдеринин доктору, профессор.
4. **Биялиев К.** - педагогика илимдеринин доктору.
5. **Исаков К.** - филология илимдеринин доктору, профессор.
6. **Ишекеев Н.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор.
7. **Ниязов Т.** – география илимдеринин кандидаты, профессор.
8. **Оморов И.** - география илиминин кандидаты.
9. **Өмүрбеков Т.** –тарых илимдеринин доктору, профессор.
10. **Соронкулов Г.** – педагогика илимдеринин кандидаты.
11. **Тайтелиев Ч.** –“Эл агартуу” журналынын баш редактору.

**Редколлегия**

1. **Анаркулов Х.** – доктор педагогических наук, профессор.
2. **Акматалиев А.А**. –доктор филологических наук, академик.
3. **Бекбоев И.Б. -** доктор педагогических наук, профессор.
4. **Биялиев К.** - доктор педагогических наук .
5. **Исаков К.** - доктор филологических наук, профессор.
6. **Ишекеев Н.** – доктор педагогических наук, профессор .
7. **Ниязов Т.** – кандидат географических наук, профессор.
8. **Оморов И.** - кандидат географических наук .
9. **Өмүрбеков Т.** –доктор исторических наук, профессор.
10. **Соронкулов Г.** – кандидат педагогических наук.
11. **Тайтелиев Ч.** –гл. редактор журнала “Эл агартуу”.

**Editorial board**

1. **Anarkulov H.** - doctor of pedagogical sciences, professor.
2. **Akmataliev A. A.-** doctor of philological sciences, academic.
3. **Bekboev I. B.** - Doctor of Education, Professor.
4. **Biyaliev K**. - Doctor of Education.
5. **Isakov K**. - Doctor of Philology, Professor.
6. **Ishekeev N**. - doctor of pedagogical sciences, professor.
7. **Niyazov T**. - Candidate of Geographical Sciences, Professor.
8. **Omorov I.** - Candidate of Geographical Sciences.
9. **Omurbekov T. A**. - doctor of historical sciences, professor.
10. **Soronkulov G**. - PhD.
11. **Taiteliev Ch**. - main editor of magazine "El agartuu".

ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ

ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

PEDAGOGICAL SCIENCE

**Р.И.НАСИПБАЕВА,**
*И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин аспиранты*

## ОКУТУУ ОРУС ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДИН ПРОГРАММАСЫНДА “МАНАС” ҮЧИЛТИГИНИН ОРУН АЛЫШЫ

**Р.И.НАСИПБАЕВА,**
*аспирант Кыргызского государственного университета имени И.Арабаева*

## МЕСТО ТРИЛОГИИ "МАНАС" В ПРОГРАММЕ ШКОЛ С РУССКИМ ЯЗЫКОМ ОБУЧЕНИЯ

**R. I. NASIPBAEVA,**
*postgraduate student of The Kyrgyz state University named After I. Arabaev*

## PLACE TRILOGY "MANAS" IN THE PROGRAM OF SCHOOLS WITH RUSSIAN LANGUAGE OF INSTRUCTION

**Аннотация:** *Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин сегизинчи класстарында толугу менен өздөштүрүлүп жаткан “Манас” үчилтиги окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин тогузунчу класстарына сунуш кылынат. Макаланын автору аталган үчилтиктин программадагы абалы, андагы сунуш кылынган сааттардын натыйжалуу бөлүнүштөрү тууралуу сөз кылат. Бөлүштүрүлгөн ал сааттардын алкагында мугалим жетекчиликке ала турган адабий – теориялык, педагогикалык – дидактикалык жана илимий – методикалык зарыл маселелер сунуш кылынат.*

**Түйүндүү сөздөр:** *Үчилтик, эпос, программа, окуу китеби, оозеки чыгармачылык, баатырдын төрөлүшү, талгак болуу, сарамжалдык, сүйүнчүлөө, эпос театр өнөрүндө, кино өнөрүндө, сүрөт өнөрүндө, манасчылар, эпосту орус тилине которуу иштери.*

**Аннотация:** *Эпос “Манас” в полном объеме изучается как в школах с кыргызским языком обучения общеоразовательных школ Кыргызской Республики, так и в школах с русским языком обучения. Если в школах с кыргызским языком обучения он изучается в восьмых классах, то в школах с русским языком обучения – в девятых классах. Программа отводит на это девять часов. Учителям предлагается эффективное распределение учебного материала по урокам, а так же даются литературно – теоретические, педагогические, дидактические, научно – методические рекомендации для проведения этих занятий.*

**Ключевые слова:** *Трилогия, эпос, программа, учебник, устное творчество, рождение богатыря, идиосинкразия, заботливость, аккуратность, хозяйственность, весть о радостном явлении, эпос в театре, в кино, в живописи, перевод эпоса на русский язык.*

**Annotation:** *The epos “Manas” is fully studied both in schools with the Kyrgyz language teaching and in schools with the Russian language teaching. In schools with the Kyrgyz language teaching it is studied in eighth grades, in schools with the Russian language teaching - in ninth grades. The program takes nine hours. Teachers are offered an effective way of presenting educational material. The literary, theoretical, pedagogical, didactic, scientific and methodological recommendations are given for conducting these classes.*

**Key words:** *Trilogy, epos, curriculum, textbook, oral creativity, the birth of a hero, care, accuracy, idiosyncrasy, the epos in theatre, in cinema, in paintings, the translation of the epos into Russian.*

Эгерде Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин сегизинчи класстарында “Манас” үчилтиги толугу менен өздөштүрүлө турган болсо, программалык ички логика боюнча аталган эпос толугу менен окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин тогузунчу класстарында кыргыз адабияты сабагынын алкагында өздөштүрүлөт. Кыргыз адабиятынын кыргыз мектептериндеги окуу материалдары окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде бир класс жогорулатып сунуш кылынып жүргөн талап принциптерди жетекчиликке алсак, мында абал туура. Кантсе да окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептин окуучулары да башкаларга окшоп кыргыз

элинин оозеки чыгармачылыгын бул уникалдуу маданий мурасы менен мектеп курагынан баштап эле жакындан таанышуусу алардын бул элдин, улуттун, этностун тили, маданияты, адабияты, тарыхы, салты менен үрп-адаттары, келечектен күткөн үмүт-тилектерин камтыган мындай мурас аркылуу терең өздөштүрүп алуусун камсыз кылат эмеспи.

Ошентип, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин тогузунчу класстарында биринчи чейректин башында эле “Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларынан” деп аталган ири бөлүмдүн астында “Кожожаш” эпосуна удаа эле “Манас” – кыргыз рухунун өчпөс жылдызы” деген жалпы темадагы тогуз сааттык сабактарды өздөштүрүшөт. Мында окуу программасынын талаптарына ылайык “Манас” эпосу тууралуу кенен маалымат жана эпостон мугалим менен окуучулардын тандоосу боюнча айрым үзүндүлөр өздөштүрүлөт [1, 20 б.].

Программа ошол тогуз сааттык окуу материалын төмөнкүчө бөлүштүрүп окутууну сунуш кылган:

1.Биринчи сабак – “Манас” эпосу жана манасчылар тууралуу түшүнүк.

2.Экинчи сабак – Манастын төрөлүшү жана балалык чагы.

3.Үчүнчү сабак – Кыргыздардын Алтайдан Ала – Тоого көчүп келүүсү.

4.Төртүнчү сабак – Каныкейдин сарамжалы.

5.Бешинчи сабак – Манас баатыр башында турган кыргыздын колуна Сыргактын кабар бергени. Бул теманы өздөштүрүүгө программа Сагымбай Орозбаковдун вариантын сунуш кылат.

6.Алтынчы сабак – Үчилтиктин экинчи бөлүмү болгон ”Семетей” эпосунан айрым үзүндүлөр.

7.Жетинчи сабак – Үчилтиктин жыйынтыктоочу бөлүмү болгон “Сейтек” эпосунан айрым үзүндүлөр. Булардын ар бирине бир сааттан убакыт караган программа алтынчы – жетинчи сабактарга экиден төрт саат карайт [1, 20-21 бб.].

Эми ошол сабактарында мугалим кыйшаюусуз жетекчиликке ала турган программалык талап – аннотацияларга көңүл буралы. “Манас” эпосу жана манасчылар жөнүндө түшүнүк берүү” деген биринчи сабагында мына мындай маалыматтар сөзсүз камтылышы зарыл: “Манас” эпосунун жаралышы, алгачкы маалыматтар; эпостун кыргыз элинин турмушундагы орду; чыгарманын негизги темасы, идеясы, анын башкы каармандары; эпостун негизги окуялары жана анын бөлүмдөрү; “Манас” үчилтигин эл оозунан жазып алуу иштеринин башталышы; чоң манасчылар – Сагымбай менен Саякбай; класста эпостон үзүндүлөрдү уктуруу (айтуучуларды же грампластинкалады, башка аудио каражаттарын пайдалануу); “Манас” темасындагы чакан фильмдерден, даректүү фильмдерден үзүндүлөр жана сүрөттөрдү пайдалануу менен соңунда аларды талкуу иштерин уюштуруу.

“Манастын төрөлүшү жана балалык чагы” деген экинчи сабакта мугалим булардын тегерегинде аңгеме курат: Манас баатыр төрөлгөнгө чейинки кыргыз элинин абалы; Манастын теги; атасы Жакыптын бала көрбөй зарлап жүрүшү; эненин талгак болушу; жаш баатырдын төрөлүшү тууралуу сүйүнчүлөө; Манас баатырдын балалык чагы; анын алгачкы баатырдык иштери; Класста окулган үзүндүнүн тилдик каражаттары жана баатыр каармандын элесин түзүүдөгү айтуучунун тилдик чеберчилиги, ал колдонгон каражаттар.

“Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүп келүүсү” деген темадагы үчүнчү сабагында мугалим болжол менен төмөнкү маселелердин айланасында кеп курушу зарыл: Алтайдын көрүнүшү; көч алдындагы жер чалгындоо иштеринин жүргүзүлүшү; Ала-Тоону мекендеген кыргыздардын абалы; кыргыз көчүн көрсөтүүдөгү, сүрөттөөдөгү тилдик каражаттар; көч камылгасы; көчтүн жүрүшүнүн сүрөттөлүшү; көчкө катышкан кишилер жана унаалар; Манастын келбети, жүрүш-турушу.

“Каныкейдин сарамжалы” деген төртүнчү сабагында мугалим болжол менен төмөнкү маселелердин айланасында сөз кылышы керек: Каныкейдин теги тууралуу маалымат; жоокерчилик замандагы кыз-келиндердин милдети; Каныкейдин уздугу; аял затынын акылмандыгынын даңазаланышы; баатырдын жеңиштериндеги анын

аялынын орду; Каныкей тиккен буюмдар жана алардын эпосто сүрөттөлүшү; улуттук кийимдердин чыгармадагы орду; үзүндүнүн лексикасы: кесиптик сөздөр, архаизмдер.

“Манас баатыр башында турган кыргыздын колуна Сыргактын кабар бергени” деген аталыштагы бешинчи сабактын алкагында төмөнкү маселелер каралышы зарыл: Программанын сунушу менен мында мугалим чоң манасчы Сагымбай Орозбаковдун вариантынан үзүндүлөрдү пайдаланат. Үзүндүдө согуш эпизоддорунун сүрөттөлүшү; Манас баатыр жана анын кырк чоросу; кыргыздын душмандарынын күчү; баатырлар колдонгон аскердик курал-жарактар, жоо кийимдери; баатырлардын минген аттары; баатырдык (каармандык) жана коркоктук; кабар берүү; согуш учурунун абалын сүрөттөө өзгөчөлүгү; Манастын жана анын жакын жоокерлеринин образдары; каармандарды сүрөттөө; гипербола жана литота; класстан тышкаркы иштердин алкагында Манас айтып көрүү жана бул боюнча конкурстарды уюштуруу.

“Манас” үчилтигинин экинчи бөлүмү болгон “Семетей” эпосу” деген алтынчы – жетинчи сабактарда (буга программа эки саат карайт эмеспи) мугалим өз аңгемесин болжол менен төмөнкү нукта улантышы керек: Мугалим окуучулары менен кеңешип тандап алган варианттан алынган үзүндүлөрдүн кыскача мазмуну жана алардын идеясы; Семетейдин балалык чагы жана анын ата-бабаларынын мекени тууралуу алгачкы ирет угушу; сунушталган окуялардын ырааттуулугу; Семетейдин сырткы көрүнүшү; баланын баатырдыгы; анын мекенчилдик туюму; үзүндүдө эл-жердин эркиндиги үчүн күрөшүү идеясынын берилиши; ата жана бала; адамдын өз жери жана бөтөн жер; баланын баатыр болуп калыптанышы; Каныкей, Сары таз жана башка каармандар, алардын образын ачуу үчүн колдонулган көркөм сөз каражаттары.

“Манас” үчилтигинин жыйынтыктоочу, үчүнчү бөлүмү болгон “Сейтек” эпосу” деген сегизинчи – тогузунчу сабактарында (буга да программа эки саат карайт) мугалимдин аңгемеси болжол менен төмөнкү тартипте улантылат: «Сейтектин» – «Манас» үчилтигинин жыйынтыктоочу бөлүмү катары мүнөзү; сабакта сунуш кылынган үзүндүнүн идеясы; үзүндүнүн көркөмдүгү; эпосто баатырдык жана кадыресе турмуш-тиричиликтик көрүнүштөрдүн жогорку деңгээлде берилиши; кыргыз элинин салттары, үрп-адаттары; баатырдын айлана-чөйрөсү; ички душмандар менен күрөшүү; чыгарманын тили; үзүндүнүн ыр түзүлүшү; үзүндүнү класста аткаруу иштерин уюштуруу.

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин тогузунчу классынын окуучулары үчүн көлөмү чоң, сюжети татаал, катышкан каармандарынын саны арбын, тилдик каражаттары да татаал, көркөмдүү, эскирген сөздөрдүн көптүгү сыяктуу маселелердин алкагынан караганда аталган эпосту натыйжалуу өздөштүрүү оңой эмес. Ошондуктан бул класста үчилтиктин ар бир бөлүмүнөн үзүндүлөр гана окутулат, бирок мугалим ошол класста гана үйрөткөн үзүндүсүндө сөз болгон маселелер тууралуу гана айтып чектелсе, окуучусу эпос жөнүндө алган маалыматтары үзүл-кесил болуп, алган билими да чаржайыт болуп калышын унутпашы керек. Андыктан ал сабакта ошол тандалган үзүндүнү окутуп жатып, ага чейинки окуялар тууралуу кызыктуу таризде баян жасаганы оң. Андан калса, биринчи класстан бери орус тилинде билим алып келе жаткан тогузунчу класстын окуучусу үчүн мындай болгондо да ыр менен жазылган (айтылган) чыгарманын тилдик каражаттарын натыйжалуу өздөштүрүп кетиши кыйла татаалдыктарды жаратпай койбойт. Андыктан мугалим ал сабактарында тынымсыз сөздүк жумуштары менен иштеши керек. Айталы, биринчи эле сабагында Манастын теги жөнүндө маалымат берүүсү талап кылынат (бул программалык талап). “Теги” түшүнүгүн окуучу үчүн дароо эле түшүнүктүү боло калган нерсе эмес, происхождение (по рождению); ата теги или тек жайы, социальное просхождение человека, адамдын тек жайын суроо – спрашивать о происхождении (какого племени, рода, кто его предки по мужской

линии) деп келип анан ага Манастын тегин айтып берүү зарылдыгы келип чыгат: Мында Манас баатырдын илимпоздор билген тек жайын же жети атасын санап олтуруу зарылдыгы жок. Тек гана анын чоң атасы Орозду, атасы хан Жакып болгонун гана айтуу керек. Алтайды жердеген кыргыздардын ханы, колунда сан жетпеген мал-мүлкү бар байы Жакып болгонун, ал көп жылдар бою перзентсиз жүрүп, Теңирден пенде күткөнү тууралуу учкай, бирок түшүнүктүү маалымат бере кетүү милдети турат. Төрөлө турган ал бала келечекте ченемсиз баатыр болоору, кыргыз элинин көз карандысыздыгын камсыз кылуу милдети менен төрөлгөнү тууралуу да маалымат ашыкча эмес. Ошол эле биринчи сабакта “эненин талгак болушу” түшүнүгү кездешет. Талгак болуу – бул идиосинкразия, вкусовые капризы (у беременной женшины); төрөй турган аялдын баласы келечекте баатыр боло турган болсо, ал аял жолборстун же аюунун этине же жүрөгүнө талгак болот, ошону гана жегенди эңсейт (старое поверье), если у женшины должен родиться богатырь, её тянет на мясо или сердце тигра или медведя. Биздин учурда Манастын энеси Чыйырды жолборсун жүрөгүнө талгак болду, - деген таризде түшүндүрүшү зарыл. Ушул эле сабакта “сүйүнчүлөө” түшүнүгү кездешет, “сүйүнчү” – подарок за сообщение радостной вести, “сүйүнчүлөө” – явиться с сообщением радостной вести и получить подарок. Биздин шартыбызда ошол көптөн күткөн бала Манас төрөлгөндө анын атасына Акбалта сүйүнчүлөп келгени айтылат. Эпосто ушул сыяктуу окуучунун дароо түшүнүүсүнө оңой болбогон сөздөр арбын, аларды мугалим мына биз сунуш кылган үлгүдөгүдөй түшүндүрүп жүрүүсү талапка ылайык. Тилекке каршы, окуу китептери мына ушул сыяктуу дидактикалык маселелерди эске албай жазылганы өкүндүрөт (окуу китептери боюнча башка макалаларда өзүнчө сөз кылабыз).

Эпосто Манас баатырдын сүрөттөлүшү өзүнчө токтолуп сабакта сөз кылуу зарылдыгы бар, көпчүлүк айтуучуларда айтылып жүргөн бул саптар аркылуу мугалим окуучуларына бир эсе баатырдын келбетин сүрөттөп, бир чети эпостун тилдик каражаттары тууралуу маалымат бере алат:

Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асмандагы күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Калыңынан түткөндөй.
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй,
Ободогу булуттун,
Салкынынан бүткөндөй,
Асмандагы ай, күндүн
Жаркынынан бүткөндөй...

Ал эми “Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнү” деген экинчи сабагында мугалимге мындай маалымattар зарыл болот: Алтайда жаңы эле хан шайланган Манаска журт билгилеринин бири Акбалта минтип айтат: “Айланайын туйгунум, ата-бабаңдын жери Ала-Тоого көчпөсөк болбойт, азган-тозгон кыргызды жыялы, таянар тооң, тутунар тууганың Кошой, «эки Кемин жайлаган, эгиз кара ат байлаган, эр Үрбү деген да ошол жакта, алды менен Ала-Тоо жолун чалып кел, туугандан кабар алып кел», деп акыл-кеңешин берет. Манас кырк жигитин ээрчитип, Ала-Тоону көздөй аттанат. Бөөт-чөөт көл басып, адыр-будур бел ашып, ашуу ашып, таш басып, агыны катуу суу кечип, эрикпей эчен күн жүрүп отуруп Манас акыры аркайган Ала-Тоого жетет. Бетеге-тулаңы белден буралган, тоолору туташ, кары бар, токоюнда ар түркүн, жаныбардын баары бар Ала-Тоонун керемет ажарына Манас суктанып, жүрөгү туйлап, тууган жерине эреркей карайт. Ысык-Көлдү биринчи көрүп, Манас тамшанып мындай дейт (эпостун текстинде бул кыйла кенен берилген, мында кыскартылган вариантын гана сунуш кылабыз):

Береке экен, бел экен,

Пенде көрчү жер экен,
Ортосу көпкөк көл экен,
Суусунда миңдей түр экен,
Жердеген адам бай болор,
Түгөнбөс ырыс кен экен.
Мындай кызык жер болбос,
Мындай кызык көл болбос.

Дегинкиси, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин тогузунчу класстары үчүн жалпы үчилтикти өздөштүрүп бүткөндөн кийин мындай маалыматтарга ээ болушу ашыкча эмес. Үчилтикке мындай баа берүүгө болот: «Манас» эпосу жалпы адамзаттык маанидеги терең маани-музмунга сугарылган көркөм сөз өнөрүнүн туу чокусу, дүйнөлүк көчмөн цивилизациянын кенчи, кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин манифести жана көркөм идеологиясы, калктын турмушунун энциклопедиясы. Поэтикалык күчү, эпикалык арымы жана көлөмү жагынан дүйнөгө теңдеши жок улуу дастан. Ал эми жазуучу Чыңгыз Айтматовдун берен баасы боюнча "Манас" – байыркы кыргыз рухунун туу чокусу". Эпосту алгачкылардан болуп жыйнаган окумуштуулардын бири Чокон Валиханов мындай дейт: «Манас» - Манас баатырдын тегерегинде чогултулган кыргыз мифтеринин, жомокторунун жана уламыштарынын энциклопедиялык жыйындысы. Муну ээн талаанын Илиадасы десе да болот. Кыргыздардын турмуш образы, каада-салттары, гегорафиясы, диний жана медициналык аң-сезими, башка элдер менен карым-катнашы бул эбегейсиз эпопеяда чагылдырылып турат". Ал эми окумуштуу Болот Юнусалиев мындай баа берген: "Жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул эпос таалим алуучу роман-китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин милдетин аткарып келген".

Филология илимдеринин доктору, профессор, көрүнүктүү педагог, манас изилдөөчү С.Байгазиевдин жазгандарына ылайык: "Мындай даркан дастаныбыздын ар тараптуу асылбаа, ыйык рух кенчтери карманар, тутунар саясий, этикалык, патриоттук туу катары калайык турмушунун пайдубалында, кыргыз мамлекетинин фундаментинде жатышы абзел. Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын руху Манастын калтырган осуят-дөөлөттөрү менен сугарылышы керек. Бул үчүн «Манастын» мазмуну, тил байлыгы үй-бүлөдөн баштап, бала бакчалардын, мектептердин, лицейлердин, гимназиялардын, колледждердин, орто жана жогорку окуу жайларынын программаларынан туруктуу орун ээлеши керек. Ушул максатта улуу эпос басмалардан көптөгөн нускалар менен басылып чыгып, Атажурт аймагына кеңири таратылышы зарыл"[2, 4 б.].

«Манас» жөнүндө жазуу түрүндөгү алгачкы маалыматтар булар: XV кылымдын аягында XVI кылымдын башында Фергана өрөөнүндөгү Аксы-кент шаарында жашаган Молдо Сайфаддин жана анын уулу Нур-Мухаммед тажик тилинде «Тарыхтардын жыйнагы» («Мажму ат-таворих») аттуу китеп жазышкан. Ушул тарых китебинде «Манас» эпосунун айрым эпизоддору жөнүндө маалыматтар камтылган. Ал маалыматтар «Манас» жөнүндөгү жазуу түрүндөгү биринчи кабар-маалымат болуп эсептелинет.

Окуучулар «Манас» эпосунун көлөмү боюнча мына буларды билүүлөрү керек: Көлөм жагынан «Манаска» дүйнөдө эч бир эпос тен келбейт. Көлөмү боюнча кыргыздын даңктуу дастаны жер жүзүнүн эң зор эпостору: гректердин «Илиада» менен «Одиссеясынан» 20 эсеге, индустардын «Махабхаратасынан» 2,5 эсеге чоң. Бир эле, Саякбай Каралаевдин варианты жарым миллиондон ашык ыр сабынан турат.

Кыргыздын манасчылары булар: «Манас» эпосу өз кезегинде Манас баатыр менен бирге жашаган Жайсаң ырчы же Ырамандын ырчы уулу айтып баштаган деген божомолдор бар. Андан соң орто кылымдарда жашаган Токтогул ырчы аттуу легендарлуу акын «Манасты» айткан деген аңыз кеп жашайт. Х1Х-ХХ кылымдарда жашаган атактуу таланттар жана чоң манасчылар: Келдибек Карбоз уулу, Балык (Бекмурат) Кумар уулу, Музооке, Чоңду,

Акылбек, Тыныбек Жапы уулу, Найманбай Балык уулу, Кенжекара Калча уулу, Дыйканбай, Багыш Сазан, Чоюке Өмүр уулу, Тоголок Молдо, Шапак Рысменде уулу, Куйручук, Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу, Жаңыбай Кожек уулу, Жакшылык Сарык уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Мамбет Чокмор уулу, Дункана Кочуке уулу, Ыбырайым Абдыракман уулу, Акмат Рысменде уулу жана кытайлык чоң манасчы Жусуп Мамай. Сейдене Молдоке кызы, Шаабай Азизов, Каба Атабеков, Уркаш Мамбеталиев, Сейдиракманов Назаркул дегендерди соңку мезгилдеги манасчыларга буларды кошууга болот: “Манасты” изилдеген окумуштуулар: В.Радлов, В.Жирмунский, Е.Поливанов, А.Бернштам, С.Абрамзон, П.Берков, К.Юдахин, А.Батманов, Белек Солтоноев, Касым Тыныстанов, Ташым Байжиев, Калим Рахматтулин, Болот Юнусалиев, Азиз Салиев, Зыяш Бектенов, Хусейин Карасаев, Бүбүйна Орузбаева, Мухтар Борбугулов, Самар Мусаев, Рая Кыдырбаева, Айнек Жайнакова, Заир Мамытбеков, Муңдук Мамыров, Эсенгул Абдылдаев, Кеңеш Кырбашев, Райкул Сарыпбеков, Омор Сооронов, Сапар Бегалиев, Мелис Убукеев, Акбар Сыдыков, Имель Молдобаев, Чоюн Өмүралиев, Турдубай Абдыракунов, Ш.Акмолдоева, Маркварт (Англия), Копроло-заде (Түркия), Карл Решл (Германия), Реми Дор (Франция), А.Т.Хатго (Англия), Ивгин Хайретдин (Түркия), Ильзе Лауде - Циртаутас (АКШ), Ху Чжень - хуа (Кытай), инжи Энгинун (Түркия), Лаң Ийц (Кытай), Г.Имрат (Франция), Камил тойгар (Түркия), Анвар Байтур, Мамбеттурду Мамбетакун, Макелек Өмүрбай, Жумакадыр Жакып, (Кытайдын Шиңжаң Уйгур автономиялык району). “Манас эпосун жыйнап, кагазга түшүргөндөр: Казак окумуштуусу Чокон Валиханов, түркolog-окумуштуу Василий Радлов. Бул эки окумуштуу XIX кылымдын 50-60-жылдарында Ала-Тоого экспедицияга келишип, биринчи жолу аты белгисиз манасчылардан «Манасты» жазып алышкан. Ыбырай Абдрахманов жана Каюм Мифтаков XX к. 20-30-жж. «Манасты» эл оозунан жыйноонун алгачкыларынан болушкан. Ыбырай Абдрахманов 1922-26-жж. аралыгында улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдон «Манас» үчүлтигинин «Манас» бөлүмүн толугу менен жазып алган.

«Манас» эпосун орус тилине которгондор: Чокон Валиханов, Касым Тыныстанов, Е.Поливанов, С.Липкин, Л.Пенковский, М.Тарловский, Мар Байжиев. «Манас» эпосунун сюжетин иллюстрациялаган сүрөтчүлөр: Г.Петров, Б.Жумабаев, Т.Г.Герцен, Ж.Кадыралиев, Т.Курманов ж.б. «Манас» боюнча биринчи жолу сүрөт тарткан В.Б.Смирнов 1903-жылы Россиядан кыргыз жергесине экспедицияга келип, Чүй өрөөнүнөн Кенжекара деген манасчыны сүрөткө тартып алган жана «Семетейдин Айчүрөккө жолугушу» аттуу эң сонун сүрөттү тарткан. Бул эки сүрөт алгач жолу 1914-жылы Москвадан чыккан «Түркстан талааларында» деген китепке жарыяланган.

“Манас” эпосу искусствонун сахна өнөрүндө да активдүү жашайт. «Манас» эпосунун сюжетинин негизинде жазылган пьесалар, драмалар, опералар булар: «Айчүрөк» - авторлору: Ж.Бөкөнбаев, К.Маликов, Ж.Турусбеков, «Семетей» - автору: Ж. Бөкөнбаев. «Манас менен Алмамбет» - авторлору: Т.Сыдыкбеков, К,Рахматуллин. «Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей», «Сейтек» драмалык трилогиясы - автору: Жалил Садыков. «Манас» операсы - авторлору: А.Токомбаев, К.Маликов.

Фольклористикада «Манас» эпосунун жаралыш доору жөнүндөгү көз караштар да ар түрдүү, айрым учурларда кайчы пикирлер жашап келет. Айрым окумуштуулар «Манас» башаты, түпкү теги байыркы мифтен, мифологиядан тамырлап чыгат деп эсептешсе (М.Борбугулов жана Г.Н.Берков), айрымдары «Манас» биздин заманга чейинки жана биздин замандын башындагы гунндардын доорунда пайда болгон деген көз карашты карманышат. Мындай көз карашты жазуучу-изилдөөчү О.Айтымбетов жактайт. «Манастын» алгачкы издерин биздин заманга чейинки замандан издегендердин дагы бири кыргыз тарыхчысы Белек Солтоноев. В.Радлов, М.Ауэзов, К.Рахматуллин, А.Н.Бернштам, П.Фалев сыяктуу окумуштуулар

«Манас» эпосунун жаралуу мезгилин байыркы түрк жана байыркы кыргыз доору (VI-X кылымдар) менен байланыштырышат. Маселен, П.Фалев менен М.Ауэзов байыркы Орхон-Енисей таш эстеликтериндеги рун жазууларынын мазмуну менен «Манас» мазмунунун окшоштугун белгилешет. Ал эми, А.Бернштам болсо, IX кылымда Борбордук Азияда түзүлгөн кыргыздардын улуу мамлекетинин доору «Манасты» жараткан, ошол мезгилде кыргыздардын башында турган Яглахар канды Манас деп эсептейт. «Манас» эпосу эпос катары X-XП кылымдарда Орто Азияда жаралган же болбосо, X-XП кылымдарда Кыргыздардын кара кытайларга каршы күрөшүн чагылдырат деген пикирди Б.Юнусалиев, Р.Кыдырбаева, Э.Абдылдаев, И.Молдобаев, Т.Абдыракунов, В.А.Ромодин сыяктуу окумуштуулар айтышат. Чет өлкөлүк изилдөөчү Маркварт «Манас» эпосунун мазмунун Чыңгызкандын тарыхы менен (XIII кылым) байланыштырса, «Манаста» XII-XIV кылымдардагы Алтын Ордонун тушундагы тарыхый окуялар чагылдырылган деген да көз карашты Ч.Валиханов айтат. Ал эми А.К.Боровков, И.Л.Климович «Манас» XV-XVIII кылымдарда Жунгардык ойрот-калмактардын баскынчылыгына каршы кыргыздардын күрөшүнүн доорунда пайда болгон деген көз караштı карманышат. «Манас» эпосунун жаралыш доорун кеңири тарыхый диапазондо караган окумуштуулар да бар. Мисалы, В.Жирмунский, Т.Чоротегин «Манас» VI-X1X кылымдар аралыгында кыргыз элинин башынан өткөн тарыхый окуяларын көркөм чагылдырат, «Манас» жаралышы бир эле доорду эмес, бир нече доорлорду камтыйт деген көз караштı айтышат.

"Манас" эпосу кино искусствосунда да активдүү жашайт, айталы, 1965-жылы режиссер Болот Шамшиев улуу манасчы Саякбай Каралаев жөнүндө «Манасчы» фильмин тарткан. «Манасчы» фильми Оберхаузендеги кыска метраждуу даректүү фильмдердин Бүткүл дүйнөлүк кинофестивалында (1965), Москвадагы Бүткүл дүйнөлүк кинофестивалда (1966) баш байгеге татыктуу болгон. Мелис Убукеев 1966-жылы «Семетейди» бүт жана «Манас» эпосунун тандалган айрым эпизоддорун Саякбай Каралаевдин айтуусунда 11000 метр тасмага түшүргөн. М.Убукеев классикалык мазмундагы «Манас ааламы» кинофильмин да тартып, элге тартуулаган.

«Манас» эпосунун кыргыз музыкасындагы абалы да көңүл жылытарлык, айталы, өткөн кылымдын 30-40-жылдары жаралган «Айчүрөк», «Манас» операларынын музыкасын В.Власов, А.Малдыбаев, В.Фере сыяктуу композиторлор жазышып, кыргыз музыка өнөрүнүн казынасын байытышкан. Ошондон бери «Манас» - улуттук музыка үчүн соолгус булак болуп калды. Буга Кыргыз радиосунун музыкалык фондусуна жазылып алынган «Манас күүсү («Алмамбеттин арманы», «Алмамбеттин жомогу», «Семетей күү», «Каныкейдин арманы», «Жол талаш» ж.б.), К.Молдобасановдун «Манас ордосунда» аттуу симфониялык сүрөттөмөсү (1978), М.Бегалиевдин «Манас» симфониясы (1990), Б.Н.Глуховдун «Бабам Манас жөнүндө баллада» аттуу хор үчүн поэмасы (1974) күбө боло алат.

Кыргыз Республикасынын окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн орто мектептеринин окуучулары тогузунчу класста "Манас" үчилтигин толугу менен өздөштүрүп бүткөндөн кийин мына ушундай маалыматтарга ээ болушканы туура болот. Мындай маалыматтар ошол тогуз саатка бөлүнгөн ар бир саатта сунуш кылынып олтурганы туура.

**Адабияттар:**

1. А.Муратов, Р.Асакеева, Б.Кыдырбаева. Кыргыз адабиятынын программасы. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин V–XI класстары үчүн. – Бишкек, 2016. – 35 б.

2. Байгазиев С. Манастаануу. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. –Бишкек, 2014. – 134 б.

3. Байгазиев С. Улуу «Манас» улутубуздун дил жана тил бешиги - Бишкек, 1995.

4. Абрамзон С. Кыргыздардын этногенетикалык жаңы тарыхый-маданий байланышы. Китепте: Кыргыздар, II том. – Бишкек, 1991.

5. Исаков Б. «Манас» эпосун окутуу. – Бишкек, 1989.

**НАСИПБАЕВА Р.И.**
*И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин аспиранты*

## ОКУТУУ ОРУС ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДИН IX КЛАССЫНДА “МАНАС” ЭПОСУНУН СЮЖЕТИН ӨЗДӨШТҮРҮҮ

**НАСИПБАЕВА Р.И.**
*аспирант Кыргызского государственного университета имени И.Арабаева*

## ОСВОЕНИЕ СЮЖЕТА ЭПОСА "МАНАС" В IX КЛАССЕ В ШКОЛАХ С РУССКИМ ЯЗЫКОМ ОБУЧЕНИЯ

**R. I. NASIPBAEVA**
*postgraduate student of The Kyrgyz state University named After I. Arabaev*

## MASTERING THE PLOT OF THE EPIC "MANAS" IN THE IX CLASS IN SCHOOLS WITH THE RUSSIAN LANGUAGE OF INSTRUCTION

**Аннотация:** *Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин тогузунчу классында “Манас” эпосунун сюжетин өздөштүрүү көбүнчө көркөм текст менен иштөө аркылуу жүргүзүлөт. Буга чейин мугалимдин эпостун сюжетинен кыскача маалымат берүү милдети турат, макалада мына ушул багытта мугалимге методикалык сунуштар берилди.*

**Түйүндүү сөздөр:** *Сюжет, текст, көркөм окуу, компетенция, чоң казат, керээз, баатырдын төрөлүшү, көзкамандар окуясы, кырк чоро, аң уулоо.*

**Аннотация**: *При изучении сюжетной линии эпоса “Манас” в девятых классах общеобразовательной школы с русским языком обучения, основное внимание акцентируется на работу с текстом. Перед изучением текста учителю предстоит ознакомить учащихся с сюжетом эпоса, в статье предлагаются некоторые рекомендации по этому вопросу.*

**Ключевые слова**: *Сюжет, текст, выразительное чтение, компетенция, великий поход, рождение богатыря.*

**Annotation**: *When studying the storyline of the epos “Manas” in the ninth grades of a secondary school with a Russian language teaching, the main focus is on working with text. Before studying the text, the teacher will have to familiarize the students with the plot of the epos, the article suggests some recommendations on this issue.*

**Keywords**: *plot, text, expressive reading, competence, great crusade, birth of a hero.*

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин бешинчи – он биринчи класстары үчүн түзүлгөн кыргыз адабиятынын программасынын [1] тиркемесинде мектепти бүтүрүүчүлөрдүн адабий билим алуусунун деңгээлине коюлган талаптар сунуш кылынган (муну программанын ийгилиги катары кароого болот), ал талаптарга ылайык:

1.Окуучулардын адабий чыгармаларды өздөштүрүү боюнча ишмердүүлүктөрүнүн негизги түрлөрү: ар кандай жанрдагы чыгармаларды кыргыз тилинде окуй алуусу; кыргызча үн кубултуп көркөм окуй билүүсү; окугандарын ар кандай түрдө (толук, кыска, тандоо менен) айтып бере алуусу; ыр түрүндөгү тексттердин айрымдарын жатка айтып берүүсү; тексттин маанисин ачып берүүгө багытталган суроо-тапшырмаларды аткара билүүсү; чоң чыгармалардын үзүндүлөрүн жана жөнөкөй формада жазылган аңгеме, ырларды анализдей алуусу; эпикалык чыгарманын тексти боюнча план түзө алуусу; чыгармага пикир айта билүүсү каралган.

1.Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучулары төмөнкүлөрдү билүүсү жана түшүнүүсү зарыл: адабияттын көркөм сөз өнөрү экендигин; окуп-үйрөнүлүп жаткан чыгармалардын мазмунун толук өздөштүрүү; кыргыз фольклорунун негизги жанрларын, аларды бирин-экинчисинен ажырата билүүсү каралган.

2.Кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү менен окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин (класстардын) окуучулары төмөнкүдөй көндүмдөргө ээ болушу керек: көркөм текстти кабыл алуу жана талдоо; көркөм тексттин маанилүү жерлерин өзгөчө бөлүп алуу; адабий чыгармалардын тек, түр, жанр боюнча аныктай билүү; каармандарга мүнөздөмө берүү; көркөм-сүрөттөө каражаттарынын ролун билүү; чыгармалардын эпизоддорун, деталдарын, каармандарын салыштыра алуу; адабий тилдеги эрежени сактоо менен текстти көркөм окуу жана жаттагандарын айтуу; окуп-үйрөнүлгөн чыгарма боюнча оозеки жана жазуу түрүндө ар кандай суроо-тапшырмаларды аткара алуу.

3.Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин (класстардын) окуучуларынын адабияттан алган билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн практикалык ишмердүүлүгүндө жана турмушунда пайдалана алуу үчүн компетенттүүлүктөрү: мамлекеттик тилде эркин баарлаша билүүгө; кыргыз адабий тилинин нормасында байланыштуу оозеки жана жазуу түрүндөгү тексттерди түзө билүүгө; окурмандык туура табитке ээ болууга; көркөм чыгармаларды өз алдынча баалай алууга; кыргыз тилин сыйлап-урматтоого жетишүүгө тийиш [1, 20-21 бб.].

Программанын мына ушундай талаптарынын ичинде окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин тогузунчу класстарынын окуучулары сабакта өздөштүрүлүп жаткан көркөм чыгарманын сунуш кылынган үзүндүсүн кыргыз тилинде сабаттуу окуй билүүсү, окуганын кайра айтып бере алуусу, ошол көркөм чыгарманын сюжетин билүүсү талап кылынаары айтылган. Ушуга байланыштуу тогузунчу класска сунуш кылынган “Манас” эпосу боюнча тогуз сааттын алкагында эпостун сюжетин өздөштүрүү талабы бар. Ырас, мындай көлөмдүү чыгарманын сюжетин программада каралаган сааттарда же болбосо мынчалык кыска убакыттын ичинде (9 сааттын ичинде) өздөштүрүп алуу мүмкүн эмес нерсе, мындайды окутуу орус тидинде жүргүзүлгөн мектептин окуучусу эмес, кыргыз класстардын окуучуларынын колунан келе бербеген иш. Ошондуктан мугалим эпостун сюжетин түшүндүрүү ишин анын өзөк окуяларын класста санап, ал окуяларга керектүү түшүндүрмөрдү айтып берүү менен абалдан чыкканы оң, албетте, айрым үзүндүлөрдү класста окутат, бирок текстти (анын керектүү үзүндүлөрүн) окуп келүү иштерин класстан тышкаркы иштерге же үйгө тапшырма берүү менен чечиши керек болот.

Эпостун сюжетин сабакта өздөштүрүү иштеринде мугалим эмнелерди билиши керек жана кайсыл маселелердин тегерегинде сөз кылышы керек, ошону карап көрөлү:

Эпостун сюжети – бул “Манас” эпосунун мазмунунда камтылган маалыматтар менен окуялардын атайын бир ык аркылуу баяндалган жалпы суммасы. Көп варианттуу, татаал сюжеттүү, өтө көлөмдүү мындай чыгарманын тексттериндеги окуялар менен маалыматтарды бүт камтыган вариант жок. Эпостун сюжети менен бир эле учурда кенен тааныштыруунун жалгыз жолу чыгарманын туруктуу салттык окуяларын толугурак камтыган жана окуяларды баштан аяк кенен баяндаган бир вариантты негиз катары пайдаланып, аны башка варианттар менен толуктап олтуруу зарылдыгы бар.

“Манастын” сюжетин түзгөн окуялар зор, көлөмдүү чыгарманын оозеки жашоосунан жана аткарылышынан пайда болгон зарылчылыкка ылайык чоң – чоң эпизоддорго бөлүнүп түзүлгөн. Мындай чоң эпизоддор көптөгөн майда окуялардан, маалыматтардан куралат. Ушуга ылайык композициялык курулушу жактан чоң эпизоддор өзүнчө чыгармага таандык белгилерге ээ, ар биринин аталыштары да бар, айталы, “Манас баатырдын төрөлүшү”, “Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого келиши”, “Көкөтөйдүн ашы”, “Чоң казат” ж.б.

Окуучулардын кабыл алуусуна жана билим даярдыктарына ылайык мугалим эпостун сюжеттик окуяларын жөнөкөй тил менен кызыктуу баяндап берсе болот. Мындай шартта ал эпостун өзөктүү окуяларынан четтеп кетпеши керек. Ал өз

аңгемесинде сөзсүз кармана турган өзөктүү окуялар кайсылар?

• Манастын төрөлүшү жана балалык чагы – эпостун башталыш окуяларын камтып турган чоң эпизод, чыгармадагы туруктуу салттык окуялардын башаты. Бул туруктуу өзөк окуя өз ичине бир нече эпизоддорду камтыйт, алар: Манастын тек жайы, ата-бабалары; кыргыздардын чабылып – чачылышы; Жакыптын бала көрбөй, ага зар болушу; анын аялдарынын түш көрүшү жана ал түштү жоруу жөрөлгөлөрү; Манастын төрөлүшү; балага ат коюу жөрөлгөлөрү; Манастын балалык чагы; аны Баянчор, Ошпур жылкычыга малайлыкка берүү; баатырдын алгачкы эрдиктери; анын Эсенкандын соодагерлерин өлтүргөнү; Нескаранын Манастан жеңилгени; Манастын курал – жаракка ээ болгону, тыңчылардын жазаланышы; Манастын Нуукер дөөнү жеңгени.

• Манастын хан шайланышы – бул туруктуу окуянын эпостун белгилүү бардык варианттарында кездешүүчү туруктуу сюжеттик линиялардын бири, салт боюнча баатырдын балалык же өспүрүм курагынын жеткен чеги катары эсептелет, сюжеттин орчундуу түйүнү. Мунун курамында да бир топ чакан – чакан окуялардын түзүмү бар, алар: Манастын Жолойду жеңип, анын чайын олжологону; Кошойдун окуялары (эпостун сюжеттик өнүгүшүндөгү ага байланышкан катмар катары каралган); Нескаранын Билерикти туткундаганы; Кошой баатырдын Билерикти куткарганы; Манастын он бир дуу-дууга каршы согушу (бул эпостогу туруктуу окуя боло албаса да, чоң бөлүм, өз алдынча чыгарма сыяктуу мазмунга ээ болгон эпизоддордун бири, эпостун жалпы сюжеттик өнүгүшүндө өзүнчө бутак); Манастын Кырмуска каршы аттанганы; Манастын Кайыпданды жеңип, анын кызы Карабөркту аялдыкка алганы; Ата журтту душмандардан бошотуу; Манастын Текес канды жеңгени; Тейиш кандын тою, Манастын Кыз Сайкал менен беттешкени; Манастын Орго кан менен болгон согушу; Манастын Акунбешимди жеңгени; Панустун жеңилиши, Көкөтөйдүн Ташкенге хан шайланышы; Манастын сунушу менен кыргыздардын өз жерине көчүп келиши; Алооке хандын Манаска багынганы, анын Ала-Тоодон качканы.

• Алмамбеттин окуясы – эпостогу салттык туруктуу окуялардын бири. Алмамбет эпосто Манаска тете деңгээлде коюлуп сыпатталган каарман жана ага байланыштуу окуялар да баатырдын өмүр жолун кууп, кеңири планда баяндалат. Бул туруктуу окуянын да бир катар бөлүмдөрү бар: Алмамбеттин төрөлүшү жана балалык чагы; Алмамбет Көкчөгө жолугуп, экөө достошкону; Алмамбеттин Бээжинден качып чыгышы; Алмамбеттин эр Көкчөгө келгени, казак билермандарынын кастыгы; Манастын түшү; Манастын аңчылык кылып жүрүп Алмамбетке жолукканы; Алмамбетке арналып берилген той.

• Манастын Каныкейге үйлөнгөнү – эпостун варианттарынын баарында бар туруктуу салттык өзөк окуя. Мунун салттык майда окуялары булар: Жакыптын Манаска колукту издегени; Манастын күйөөлөп барганы.

• Көзкамандар окуясы – эпостогу орчундуу өзөк окуялардын бири, туруктуу салттык окуялардын катарына кирген ири бөлүм. Мунун майда бөлүмдөрү катары буларды көрсөтүүгө болот: Үсөндүн элин издеп чыгышы; Манастын Көкчөгө барганы; Манастын Түлкү баатыр менен согушу; Манас көзкамандарды сыйлаганы; Батышка жортуул; Манастын Таласка көчкөнү; Манастын Айган менен болгон согушу; Көзкамандардын Манасты кырк чоросу менен уулантканы; Манастын кырк чоросу менен элге кайтканы.

• Көкөтөйдүн ашы – эпостогу салттык туруктуу окуялардын өзгөчө кеңири белгилүүсү. Бул өзөк окуя эл арасында кеңири тарагандыктан ар түрдүү вариациялары көп жолугат. Чыгарманын окуяларынын өнүгүш нугунда манасчылардын ою боюнча бул бөлүм өзгөчө маанилүү, чоң окуянын – "Чоң казаттын" башталышына себеп болгон түйүн. Ошон үчүн "Көкөтөйдүн ашы - көп чырдын башы" делет. Мунун окуялары булар: Көкөтөйдүн керээзи; Көкөтөй хандын сөөгүн коюу аземи; ашты берүүгө камылга; Жолойдун эт уурдаганы, Коңурбайдын күч менен Мааникерди сураганы; аштын шаан –

шөкөттөрү; калмак – кытайлардын байгеге зордук кылганы (бөлүмдүн жыйынтык окуясы).

• Чоң казат – эпостогу негизги өзөк окуялардын бири. Кеңири белгилүү салттык туруктуу чоң эпизод, эпостун окуяларынын жалпы өнүгүшүндөгү кульминациялык чек. Элге кеңири белгилүү эпизод болгондуктан бул бөлүмдүн өз алдынча айтылган варианттары да арбын. Айрыкча, жети кандын чатагы, Алмамбет менен Чубактын жол талашканы, жылкы тийүү сыяктуу окуяларды эпостон бөлүп алып өзүнчө аткаруу учурлары көп кездешет. Бул бөлүм жалпы эпостогу туруктуу салттык окуялардын ичиндеги эң көлөмдүүсү болгондуктан, ал көптөгөн окуя – эпизоддордон турат, алар: Жети кандын чатагы; Бээжинге аттанууга даярдык; колдун казатка аттанганы, Каныкейдин сарамжалы; Алмамбет колго кан шайланышы; жол азабы; Уркундан кечип өтүү, колдун эсебин алуу; чалгын; Чубактын чыры; Макел дөө; Алмамбет менен Сыргактын Бээжинге киргени; жылкы тийүү; куугун; Сыргактын кошунга кабар бергени; Көл Кечүүдөгү кармаш; чоң согуш; кытайдын жеңилгени, эки элдин жарашканы.

• Кичи казат – эпостун корутунду бөлүмү, салттык туруктуу окуялардын бири. Бөлүм Манастын жакын жолдоштору ажал таап, өзү жарадар болуп, элине келип, каза болгон окуяларды камтыйт. Мунун да бир нече майда эпизоддору бар, алар: Семетейдин төрөлүшү (бул эпизод “кичи казаттын” кириш бөлүмү милдетин аткарган окуя); Коңурбайдын бузукулугу; Манастын Меккеге барышы; Коңурбайдын кыргыздарга кол салышы; Манас баатырдын өлүмү, күмбөз салдыруу.

Булар окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин тогузунчу класс окуучуларына “Манас” эпосун окутуп жаткан мугалимдин бир тема боюнча өтө турган сабагында билиши керек болгон даярдык маалыматы болду. Сюжеттин баарын саймедиреп айтып берүү мүмкүн эмес, буга кырк беш мүнөттүк убакыт деле жол бербейт. Ошондуктан мугалим ушул окуяларды бир катарга тизип, системалап алып, окуучуларга кызыктуу баян кылып негизги нерселерди сүйлөп бериши керек. Зарыл болгон жерлерде тексттен айрым үзүндү саптарды да пайдаланат, аларды окуп берет. Ырас, окуянын жүрүшүнүн өзү кызыктуу, окуучу аны угуп гана отура берет, мугалимдин сунушу менен алар зарыл маалыматтарды конспектилеп да алуулары керек. Ал жазууларын жыйынтыктоочу сабакта мугалим алардын алган билими – билгичтиктерин аныктоо үчүн класска берген суроолорго жооп берүүдө пайдаланышат.

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептин тогузунчу классынын окуучусу “Манас” эпосунун сюжетин өздөштүрүүдө мына жогоруда сөз болгон окуялардын системасын билсе, анын эпостун сюжети боюнча кабары бар деген жыйынтыкка келүүгө болот.

Эми көркөм ***“текст менен иштөө”, “чыгармадагы айрым эпизоддорду жатка айты билүү”*** сыяктуу ***компетенциялары*** тууралуу маселеге келели. Ырас, ал окуучулардан кыргыз мектебинин сегизинчи класстары өздөштүргөн маалыматтарды талап кылуу туура эмес, ошентсе да программа талап кылган компетенцияларга ээ болуусу милдетүү нерсе. Ошондуктан мугалим окуучулардын эпостон мына бул окуялардан үзүндүлөрдү жатка айтуусун талап кылышы керек, анүчүн мугалим өзү ошол эпизоддордон саптарды жатка айткандай болсун.

***“Манастын төрөлүшү жана балалык чагы” эпизодунан:***

Белгилүү болгондой, болочок баатырдын төрөлгөнү тууралуу кабарды атасы Жакыпка Акбалта айтат, тексттен –

Акбалта айтып салганы.
«Байбичең тууду мыкты уул,
Байкасаң, Жакып, сөзүм бул.
Баркыраган дабышы
Тай чабым жерден угулду;
Олтурат элем үйүмдө,
«Бар! Бар!» ыйлап түштү дейт,
Орогондо чиренсе,
Отуздагы кишиден

Ошондо да күчтүү дейт.
Бала да болсо мыкты дейт,
Байбичеңдин боорун
Балчыктай кармап чыкты дейт.
Анда Жакып кеп айтат:
Баласы боорун алыппы?
О, ботом, байбичем аман калыппы?»
Айтып Жакып бул сөздү
Үйгө кирди бүгүлүп.
Баласын алып болукшуп,
Байбичеси толукшуп,
Олтурган экен сүйүнүп.
Байкайын деп баласын
Атасы көзүн салганы:
«Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш.
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың, көзү үңкүр, –
Эр мүнөзү көрүнөт;
Алакан жазык, кол ачык,
Аттанып чыкса, жол ачык, –
Алп мүнөзү көрүнөт.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркасы кең, бели түз,
Айбаты катуу, заары күч, –
Пил мүчөсү көрүнөт.
Жолборс моюн, жоон билек,
Бөрү кулак, жолборс төш, –
Бөлөкчө түрү бар экен».

Мугалим окуучуларынын көңүлүн айрыкча соңку саптардагы төрөлгөн баланын баатыр сынына маани берип өздөштүрүү зарыл экенине басым коёт.

***"Алмамбеттин окуясы" эпизодунан:***

Эпостун сюжетине ылайык кеч күз мезгили, Манас бир күнү чоролорун эрте тургузуп, аң уулап келүүгө чакырат. Кушун, тайганын, жоо жарагын даярдап, жөнөп калышат. Бото-Мойноктун жайыгында аң уулап алты күн жатышат. Эртең кайталы деген күнү Манас Чүй өзөнү жакка бастырып барып, көзүн салып карайт. Караса, бир атчан келатат…

Жоого сүрдүү жолборстор,
Жолдошту кудай бериптир,
Сүйүнчү – деди, – чоролор!
Баштап жүрсө – барааның,
Калкыңда жүрсө – караанының,
Бетиңде жүрсө – бедериң,
Белиңе таңуу медериң.
Алмамбет келет, мен көрдүм,
Ар мүнөзүн, айбатын
Арыстанга тең көрдүм.
Кейишке салса, кечирип,
Кеткени болсо кетирип,
Күтөрдүн камын кылыңар.
Башын тартпас өлүмдөн
Баатырлык жайы көрүнөт,
Пас адамга тең жүрчү
Бакырлык жайы көрүнөт.
Келе жатыр жол менен,
Кейиш тартып ой менен.

Манас баатырга алгач келип таанышаарда Алмамбеттин сырткы келбети мына ушинтип сүрөттөлөт, текстте ал окуя абдан эле кенен берилген, мында тексттен адаптацияланган текст берилди, окуучулар ушуну гана жаттап алышат.

***"Көкөтөйдүн ашы" эпизодунан*** Кошой менен Жолойдун кармашынан үзүндү жатташат.

Жолой бекем тутканы,
Колун Кошой булкканы.
Касиеттүү эр Кошой
Бир тартуу менен Жолойдон
Билегин сууруп алганы.
Кол терисин шыпырып,
Жолой алып калганы.
Абакеңиз эр Кошой
Ач билектен алганы,
Эки жулуп эр Жолой
Эптеп сууруп алганы.

Шыпырылып кол тери.
Кошойго кетип калганы.
Оёндор күрөш салганы,
Ойдо-дөңдө булкушуп,
Ойрот журт айран калганы.
Жыбырап жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо,
Жолойдун үнү күркүрөп,
Добушун уккан пенденин
Жон териси дүркүрөп.
«Таң атса, жарык чыгат, – деп,
Карыган Кошой баатырды
Кытай Жолой жыгат» – деп,
Майданда балбан Кошойдон
Баары журттун баарысы
Үмүтүн үзгөн ошондон.
Түн ортосу кеткенде,
Таң жакындап жеткенде,
Доошу чыкты барк этип,
Кошойдун үнү карк этип.
Жолойдун колу кандай уу,
Абакеңиз Кошойдун
Жонундагы баягы
Уюп калган сары суу,
Кармоосу менен Жолойдун
Боюна тарап кетиптир.
Абакеңдин соорусу
Кармаганын сүйүптүр.
«Ит, чиркин, бекем карма!» – деп,
Имерилтип жүрүптүр.
Жыгыша албай ал күнү,
Эртеси чыгып да күнү,
Күн ового толгондо,
Жалган түш жаңы болгондо,
Абакеңиз Кошойду
Алпарып ташка урууга
Көөнүнө Жолой алыптыр.
Көк ала сакал Кошойду
Көтөрүп жолго салыптыр.
Кайран Жолой дардаңдап,
Кайраттанып барбаңдап,
Катагандын Кошоюн
Көтөрүп уруп кетерде,
Калың кыргыз буркурап,
«Карган Кошой өлдү» – деп,
Намыс кылып чуркурап,
Көрө салып эр Манас
Айгай салып акырды.
«Абаке!» деп бакырды.
«Какбаш Кошой көзүңдү ач!
Кай кара басып кетти? – деп,
Каманга качпай чалдырдың,
Каңгайга намыс алдырдың,
Жаман атка калтырдың!»
Кошой абаң кулагы
Манастын доошун чалыптыр.
Ачса көзүн акыры,
Ойлоно калып ошондо
Ачканда келди акылы.
Ташка урууга даярдап,
Калыптыр Жолой баатыры.
Жулкунуп Кошой, чамынып,
Кайраты толуп кеткени,
Карыя Кошой абаңдын
Аягы жерге жеткени;
Абакеңиз эр Кошой
Артылтып колун салыптыр,
Ар жагынан шымынын,
Кашаттан кармап алыптыр.
Көтөрмөккө дөө Жолой
Көңүлүнө алыптыр.
Тоодой Жолой балбанды
Томкоруп жерден алганы,
Көтөрүп жерге уруптур.

***“Чоң казат” эпизодунан*** окуучулар *согуш* окуясынан үзүндү жатташат.

Каражой уулу Кожожаш
Мергендигин ашырып,
Бет алдында зоңгокко
Калган экен жашынып.

Жерге түшкөн туулгасын
Жетип илип алгыча,
Башына кие салганча,
Жыйырма бирде Сыргакты
Эки көздүн ортосу –
Өлчөлүү жердин өзү деп,
Төмөндөсө, көзү деп,
Тиктеп туруп бир койду,
Эр Сыргак аттан тик түштү,
Тик түшкөндө бүк түштү.
«А» деп айтар ал кетти,
Чекеден кара кан кетти.
Астындагы *Көкчебич*
*(Көкчебич – Сыргактын минген аты)*
Желгенине жел жетпей,
Желип чыга берерде,
Ооз омуртка тушу деп,
Өлчөлүү жери ушу деп,
Көкчебичти бир койду.
Теңизимдин Көкчебич
Тегеренип бүк түштү,
Тегеле жаман иш бүттү.
Ошо кезде береги
Акбалтанын Чубагы
Көгалага камчы уруп,
Каарданып сумсайып,
Канжарколго жетти эми,
Жеткен жерде Чубагың
Көмө коюп өттү эми.
Айба деген бир балбан
Көтөрүп атка салганча,
Аргын кандын Ажыбай
Башын кесип кетти эми.
Канжарколу өлгөндө,
Кечилдин каны Коңурбай
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Канжарды сайган чунакты –
Качырып калды Чубакты.
Жебеден мурун жетти эми,
Жеткен жерден Чубакты
Көмө сайып өттү эми.
«Тирүү байлап алгын!» – деп,
Калкына буйруп салды эми.
Алты миң балбан, сан калдай,
Кара кытай, көп манжуу
Чубакты каптап калды эми.
Каптап кытай турганда,
Астындагы Сарала
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Жолунда турган Көгала
Жолборсуң Алмаң жетти эми,
Жеткен жерде Чубакты
Мингизе чаап өттү эми.
Аргын кан уулу Ажыбай
Ылама деген калмактын
Колуна түшүп калыптыр:
Жеткилең кыраан Алман шер
Чоң Ылама калмакка
Жеткен экен ошол эр.
Кыска кармап найзаны,
Алакең муштап кетти эми.
Ойронуң Чубак жеткенде,
Ылама жандан түңүлдү.
Учуп түшүп кайран баш,
Бөксөгө каны төгүлдү.
Оён Алмаң көй кашка
Ажыбайга жетти эми.
Жеткен жерде Ажыңды
Жембаштыктай бөктөрүп,
Иле качып өттү эми.
Каражой уулу Кожожаш
Кыр-кырдагы кытайды
Кылычтап Чубак жүргөндө,
Аңдып калган кези экен.
Антаңдап шашып сабылбай,
Тиктеген жерден жаңылбай,
Чиркиндин мергендикке тазасы,
Белен турган машаасы –

Камчы бою капталдан
Ошондо камбыл мерген бир атты.
Чубактын от чагылды төшүнө,
Ошондо көрүндү ажал көзүнө.
Өлөр-өлбөс жан менен,
Жер көрүнбөс чаң менен,
Ок тийген жерге жыгылбай,
*Суркелте* үнү тыйылбай,
*(Суркелте – мылтыктын түрү)*
Аралашып калмакка
Атышып кетти Чубагың!..
Ит өлбөстүн жалгыз жол
Сала качып кутулду.
Аркалуу күлүк *Көгала*
*(Көгала – Чубактын минген аты)*
Акбалтанын жалгызын –
Ала качып кутулду.
Анда-санда бакырып,
Кара таандай кытайды
Кайра айдап сапырып,
Талоон болгон калмактан
Алакең Чубактын өчүн алыптыр.
Алакең Сарала менен зыргытып,
Кашына келген кытайды
Жембаштыктай ыргытып,
Орто жерин Алмамбет
Оюп калган кези экен.
Ошондо бир чекесин Эр Төштүк
Союп калган кези экен.
Кара кытай, көп манжуу
Акылы кетип энтеңдеп,
Шашып калган кези экен.
Аркасын карап кылчактап,
Коңурбай качып калган кези экен.
Ошондо Кожожашка жалынды:
«Өлөңдөн күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан жоо жаман.
Сырдашың жаман, сыр жаман.
Сырыңды билип кетти эле,
Алмамбет деген ит жаман.
Айтканыма көнө көр, баатыр,
Бөлөгүн айтып нетейин,
Алмамбет атып бере көр, баатыр!»
Калча кул акыл ойлоп алды эми:
«Астындагы Сарала
Жарышкан менен мал жетпейт,
Бул каарданган качкынга
Салышкан менен ал жетпейт.
Качымыш эле болуп калайын,
Муну бир шорго салайын.
Колума тирүү бул тийсе,
Иттен капкайда өчтү алайын».
Ээр белдей белести
Ашып калды Коңурбай,
Астындагы Алгара
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Качып калды Коңурбай.
Манжууну кудай бергин деп,
Тегерегин карабай,
Чындап кууду Алмамбет
Тегеле жанын аябай.
Ошондо Аргын кандын Ажыбай
Энтиктирип булкунтуп,
Кайра тартып жетелеп,
Алманды жулкунтуп коштоп алыптыр:
«Кубалай берсең теңелип,
Алоокенин Коңурбай
Тирүү кармап албайбы,
Эки көзүң тең чукуп,
Бул азапка салбайбы?!
Капкайда кегин албайбы,
Сыргак, Чубак эми жок,
Теңеле бербе жөнү жок.
«Кабылан Алман!» деп турчу
Кайрандардын баары жок.
Кайрыларың дагы жок».
Деп ошондо Ажыбай
Эми Кабыланы Алмаңды
Кайра тартты жетелеп,
Кошунду көздөй төтөлөп.
Кайнап жаткан *калың кол,*
*(Кол – аскер кошууну)*
Каптады белем ушул жол!
Калың каңгай, Кожожаш

Балааны башка салыптыр.
Эр Алмамбет жалгызды,
Тегеректеп алыптыр.
Өөдө-төмөн карабай,
Артык тууган Алакең
Өлөмүн деп санабай.
Коңурбайга жетти эми.
*Алгаранын* үстүнөн
*(Алгара – Коңурбайдын минген аты)*
Көмө коюп өттү эми.
Сарала менен бурулуп,
Алмакең кайра жеткиче,
Башын кесип өткүчө,
Айбандан күлүк *Сарала*
*(Сарала – Алмамбеттин минген аты)*
Тизеси жерге бүгүлүп,
Мүдүрүлүп кеткени,
Башында алтын туулга
Учуп жерге жеткени.
Каражой уулу Кожожаш
Мелтиреп кармап *Сырбараң,*
*(Сырбараң – Кожожаштын мылтыгы)*
Берен Алмаң көйкашка
Көтөрүп башка салгыча,
Аманат жанды бекитип,
Бек камынып алгыча,
Тартып ийди Кожожаш,
Талкан болду асыл баш...

Ошентип, эгерде мугалим эпостун сюжетине байланышкан ушул окуу маалыматтарын окуучусуна жеткире алган болсо, анын программалык милдети аткарылды деген тыянакка келүүгө болот. Муну ал алдын ала даярдап алган суроолору менен бышыктап, аларга берилген окуучунун жоопторун өзү толуктап, үйдөн аткарып (үзүндү жаттап) келүү үчүн тапшырмаларын берет.

**Адабияттар:**

1.Кыргыз адабиятынын программасы. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин V – XI класстары үчүн. Түзгөндөр: А.Муратов, Р.Асакеева, Б.Кыдырбаева. –Бишкек, 2016. – 35 б.

2.Байгазиев С. Улуу «Манас» улутубуздун дил жана тил бешиги - Бишкек, 1995.

3.Исаков Б. «Манас» эпосун окутуу. – Бишкек, 1989.

4.Манас. Баатырдык эпос. С.Каралаевдин варианты, экинчи китеп. – Фрунзе, 1990. – 476 б.

5.Манас: бириктирилген вариант, 1 – 4 томдор. – Бишкек: Кыргыз китеп борбору, 2004.

6.Турдугулов А., Оторбаев Б. Кыргыз адабияты: орто мектептердин VIII классы үчүн окуу китеби. – Бишкек, 2012. – 288 б.

**Оторбаев Б. К.**

*Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти*

## КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН МЕКТЕПТЕ ЗАМАНБАП ТАЛАПТАРДА ОКУТУУНУН НЕГИЗДҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Оторбаев Б. К.**

*доцент КНУ им. Ж.Баласагына*

## ОБОСНОВАННЫЕ ВОПРОСЫ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ В ШКОЛАХ НА ОСНОВЕ СОВРЕМЕННЫХ ТРЕБОВАНИЙ

**B. K. Otorbaev**

*Associate professor of KNU named after J. Balasagyn*

## LEGITIMATE QUESTIONS OF EDUCATION OF THE KYRGYZ LITERATURE IN SCHOOLS ON THE BASIS OF MODERN REQUIREMENTS

**Аннотация:** *Макалада Кыргыз Республикасындагы жалпы орто билим берүүчү мектептеринде кыргыз адабияты мектепте окуу предмети катары, башка окуу предметтеринин ичинде алган орду, мааниси сыяктуу маселелер каралат. Ошондой эле кыргыз адабиятын мектепте заманбап талаптарда окутуудагы салттуу, жигердүү жана интерактивдүү мамилелер талкууланып, адабият сабагында окуучулардын билим алууга болгон билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу ишине да көңүл бурулат.*

**Түйүндүү сөздөр:** *кыргыз адабияты, окуу китептери, окутуунун методикасы, окутуунун технологиялары, илимий-методикалык негиздер, жигердүү жана интерактивдүү мамилелер ж.б.*

**Аннотация:** *В статье рассматриваются такие вопросы, как место, значение кыргызской литературы в средних общеобразовательных школах Кыргызской Республики как предмета школьного обучения, среди других учебных предметов. Также будут обсуждаться традиционные, активные и интерактивные подходы к обучению кыргызской литературы современным требованиям в школе, особое внимание будет уделено формированию у учащихся навыков и умений к получению знаний на уроке литературы.*

**Ключевые слова:** *кыргызская литература, учебники, методика обучения, технологии обучения, научно-методические основы, активные и интерактивные подходы и т.д.*

**Abstract:** *The article deals with such issues as the place and significance of Kyrgyz literature in secondary schools of the Kyrgyz Republic as a subject of school education, among other educational subjects. Traditional, active and interactive approaches to teaching Kyrgyz literature to modern requirements in school will also be discussed.special attention will be paid to the formation of students ' skills and abilities to acquire knowledge in the literature lesson.*

**Keywords:** *Kyrgyz literature, textbooks, teaching methods, teaching technologies, scientific and methodological foundations, active and interactive approaches, etc.*

### 1. Кыргыз адабияты мектепте окуу предмети катары, башка окуу предметтеринин ичинде алган орду, мааниси.

Кыргыз адабияты - жалпы орто билим берүүчү мектепте милдеттүү түрдө өтүлчү окуу предметтеринин бири. Ал программада өздөштүрүүгө деп чектелген көркөм адабий чыгармалардын белгилүү бир топтомун, булардын адабий талданыштарын, мектеп курсунун талабындагы, программалык материалдын мазмунун камтыган адабий-илимий макалаларды, адабий туундулардын авторлору, алардын чыгармачылык өнөрканалары тууралуу маалыматтарды, адабияттын теориясынын жана тарыхынын негиздерин, окуучулардын кебин жана окурмандык маданиятын

өнүктүрүү боюнча оозеки жана жазуу жумуштарынын системасын, алган билимин текшерүү жана бекемдөө мүнөзүндөгү суроо-тапшырмалар тизмегин ичине камтыйт. Окуучунун ички руханий керектөөлөрүнө жана жекече инсандык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык кыргыз адабияты предмети мектепте тепкичтүү өздөштүрүлөт: мында ал окуучунун башталгыч класстарда алган китеп окуучулук даярдыгына, интеллектуалдык мүмкүнчүлүгүнө таянат; адепки тепкич катары келчү V-VII класстардагы кыргыз адабияты сабагынын милдети - мектеп окуучусун көркөм чыгармалар дүйнөсүнө жетелеп кирүү, алардын окурмандык кабылдоосун өнүктүрүү, аларды адабий билимди жогорку класстарда тарыхый негизде, системалуу өздөштүрүүгө азыртан даярдоо; жогорку тепкич VIII-IX жана X-XI класстарда окуучулардын адабияттын коомдогу, адамдын инсан катары калыптануусундагы ролун аңдап билүүлөрүнө жетишилет.

Орус элинин белгилүү акындарынын бири, кадимки «Василий Теркиндин» автору А.Твардовскийдин пикиринче: «Мектептеги адабият сабагы кадимки реалдуу жашоо-тиричиликтин көркөм сүрөттөлүшү, мугалимдин байкоосу жана жетекчилиги астында окуучунун ички руханий дүйнөсүнө пландуу, системалуу таасир этүү процесси болуп эсептелинет».(1.) Мында ал мектептик окуу предмети катары адабияттын окурмандын - мектеп окуучусунун адамдык сапаттарын түзүп калыптандыруучу, тарбиялоочу, анын ишмердүүлүгүн жана өнүгүүсүн багыттоочу өзөктүк маңызын ачып көрсөткөн.

Адабият - кыргыз адабияты мектепте өтүлчү предметтердин ичинен эң маанилүүлөрүнүн бири. Бул окуу предмети тууралуу дагы да А.Твардовскийдин пикирине кайрылалы. Акын «анын жөн гана көңүл ачуучу же башка окуу предметтеринин арасындагы көңүл көтөрүүчү дем алуу сабагы эмес экенин» айтып, адабият сабагы «рухту шыктандыруунун, эмоционалдык көтөрүлүүнүн, андан өтүп ыймандык тазалануунун» сабагы болорлугуна басым жасаган.(2. 291-б). Басымдуу кайсы бир илим тармагына тийиштүү маалыматтарды тааныштыруу, билим берүү менен чектелген башка окуу предметтеринен, мисалы, физикадан, химиядан, биологиядан же математикадан айырмаланып, мында адам, анын бүтүргөн иштери, жашоосу, урунган буюмдары, кебете-кешпири, толгонуулары, башка адамдарга жана да аны курчап турган жандуу жана жансыз жаратылышка карата жасаган мамилелери айтылат. Дүйнөнүн бүткүл кооздугу, сулуулугу, жаман-жакшы жактары, кубаныч-кайгылары, күрөшү, жеңип-жеңилүүлөрү бүт мына ушул кыргыз адабияты предмети үйрөтө турган көркөм чыгармалардын мазмунунан орун алат. Искусствонун өзгөчөлүү формасы катары адабият өзүнүн болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөрү: укканды, окуганды арбап алган эстетикалык зор таасирдүүлүгү, ажайып көркөмдүгү, татыналыгы менен көңүлдү өзүнө бурат. Аспапта ойнолгон музыкалык чыгарманын керемет доошун, ырчынын жүрөк кылдарын кылдат черткилеген мукам үнүн, бийчинин көз жоосун алган чебер кыймылын, бедизчинин, сүрөтчүнүн устаттыгынан жаралган скульптуранын, полотнодогу адам портреттеринин, табият көрүнүштөрүнүн кайталангыс учурларын дээрлик ошо өзүндөй кылып көркөм сөз гана жеткире алат. «Жылуу сүйлөсө, жылан ийнинен чыгат» дегендей, сөз күчү, орду менен таамай айтылган нарктуу кеп кызыл кыргын согуштарды токтотуп, душман доско, жат тууганга айланчу экен. Башкасын коюп, легендарлуу Бука ырчынын Чыңгыз ханга тун уулу Жуучунун өлгөнүн каймана түрдө угузуп, тирүү калганы тууралуу уламыш-баянды эстейличи! Ата-бабаларыбыз сөзгө, сөздүн күчүнө зор маани беришип: «буттан жыгылган турат, сөздөн жыгылган турбайт», «болор жигит төп сүйлөйт, болбос жигит көп сүйлөйт» деп айтышканы да бекеринен эместир. Бүгүнкү күндө сөз сөз болуудан калып, улууну кичүү сыйлабай калган заманда сөзүнө турбаганды, калп айтканды, бирөөнү алдаганды намыссыздык, пастык катары эмес, тыңдык, эрдик, акылдуулук катары кабылдагандар көбөйдү. Анан кантип көркөм сөз өнөрүн - адабият

предметин мектепте үйрөнүү иши бөтөнчө маанилүү, актуалдуу болбосун?.. Так мына ушул себептүү сөздү, сөз өнөрүн даңазалаган адабият - кыргыз адабияты предмети окуу предмети катары мектеп курсуна киргизилип, эне сүтү оозунан кете элек балдарга, өспүрүмдөргө, жаңыдан бой тартып келаткан жаш муундарга деп далайдан бери атайылап окутулуп келет.

Кыргыз адабияты жалпы орто билим берүүчү мектепте өтүлчү көптөгөн окуу предметтеринин ичинен өзгөчөлүү, ардактуу орунду ээлеп турат. Себеби ал коомубуздун болочок татыктуу мүчөсүн, жеке адамды - инсанды калыптандырууда бөтөнчө зор роль ойнойт. Мектеп окуучусу ошол өзү окуган, классташтары менен бирдикте сабак процессинде өздөштүргөн чыгармалардан жаманды четке кагып, жакшыны өзүнө алууга, эл-жерди коргоого даяр турган атуулдук сезимди өстүрүүгө, адамды баалоого, табият кооздугун, сулуулукту көрө билүүгө, баркына жетүүгө үйрөнүшөт. Орустун классик жазуучусу Ф.Достоевскийдин «Көкмээ» («Идиот») романындагы князь Мышкин: «Дүйнөнү сулуулук сактап калат» деп бекеринен айтпаса керек, себеби нукура ички сулуулукту, айлана-чөйрөнүн ажайып кооздугун тереңден кабылдай билген адам оңойлук менен жамандык иштерге бара койбойт. Басымдуу учурларда адамдын караңгылыгы, билимсиздиги, адепсиздиги туура эмес кадамдарга себепчи. Бекеринен тээ Кайра жаралуу доорунда эле агартуучулар - мектеп мугалимдери элди билимдүү кылуу, китеп окууга көндүрүү аркылуу коомду тазартууга жетишүүнү эңсешпегендир?.. Китеп - бул адамдын бет алдында жанып турган шам чырак, жаркын дүйнөгө карай кетчү жолду көрсөтүүчү. Мектеп окуучусун мына ушул жаркын дүйнөгө карай жол чапчу китептин ажайып дүйнөсүнө так ушул адабият - кыргыз адабияты предмети жетелеп кирет.

Ооба, кыргыз адабияты жалпы орто билим берүүчү мектептердеги жаш муундардын ички руханий дүйнөсүнүн адеп-ахлактык багытталышын түзүп калыптандыруучу базалык окуу предмети болуп эсептелинет. Мектеп окуучусунун эмоционалдык, интеллектуалдык жана эстетикалык өнүгүүсүндө, баланын дүйнөгө болгон көз карашынын жана улуттук өзүн-өзү аңдап билүүсүнүн калыптануусунда адабиятка жетектөөчү орун таандык. Адабияттын - кыргыз адабиятынын мектептик окуу предмети катары өзүнө гана тийиштүү өзгөчөлүгү анын руханий маданияттын укмуштуудай кубулушу (феномени) эсебиндеги маңызы менен аныкталат: адабият көркөм образдардагы адамдык болумуштун байлыгын жана көп түрдүүлүгүн чагылдыруу менен дүйнөнү эстетикалык жактан өздөштүрөт; окуучуларды улуттун жана бүткүл адам баласынын адептик-эстетикалык баалуулуктарына жакындатуу менен, ал жаш муундарга таасир этүүнүн зор күчүнө, мүмкүнчүлүгүнө ээлик кылат.

**2. Кыргыз адабиятын мектепте заманбап талаптарда окутуудагы салттуу, жигердүү жана интерактивдүү мамилелер. Адабият сабагында окуучулардын билим алууга болгон билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу.**

Учурда кыргыз адабиятын жалпы орто билим берүүчү мектепте окутуунун заманбап технологияларын колдонууга киргизүү, аны сабак процессинде өздөштүрүүгө карата мамилелерди тактап, конкреттештирүү, адабияттан билим берүүнүн сапатын кыйла жакшыртуу, кызыктуулугун арттыруу милдети алдыга коюлуп отурат. Ошол эле маалда адабият мугалимине өзүнүн адистиги боюнча компетенттүү (иш билигиликтүү) болуп, кыргыз адабияты предметин окуучуларга программа талап кылгандай кылып окутканы кандайдыр жетишсиздей сыяктанат. Адабиятты окутууга карата жаңыча көз караштар көптөгөн мектеп мугалимдери тарабынан туура кабылданбай жатса да, бир катар усулдук изилдөөлөрдүн сабак процессинде жигердүү мамилелерди колдонуу окуу предметин талаптагыдай окутуп-үйрөтүүгө өбөлгө түзүүнүн көбүрөөк натыйжалуу жолу болуп эсептелинерин улам кайрадан далилдеп жатканын көңүлдөн сырткары калтырганда болбойт. Анан сабак процессин

болушунча кеңири демократиялаштырып, окуучунун билим алууга карата жекече жөндөмдүүлүктөрүнө жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнө ишенүү менен мамиле кылуу керек окшойт. Жөнөкөйлөштүрүп айтсак, окуучулар окутуу процессинде окуу материалын өздөрү умтулуп, ага жигердүү тартылуу негизинде кабылдашканында оңоюраак өздөштүрүшөт, түшүнүшөт жана эстеп калышат. Ушундан улам кыргыз адабиятын жалпы орто билим берүүчү мектепте окутуудагы басымдуу усулдук жаңылануулар сабак процессин болушунча көбүрөөк жигерлентүү менен байланыштуу деген жыйынтык келип чыгат.

Акыркы жылдары мектептик билим берүүдө мугалимдин жана окуучулардын класста сабак процессинин алып барылышына карата үч түрдүү мамилелери кеңири таралышка ээ болуп отурат. Алар:


1. пассивдүү мамилелер;
2. жигердүү мамилелер;
3. интерактивдүү мамилелер.

Төмөндө адабиятты - кыргыз адабиятын мектепте окутууга карата мамилелердин ар бирине өз-өзүнчө кайрылалы.

**1) Пассивдүү мамилелер:**

- бир тараптуу, түз сызыктуу өз ара аракетте болуу;
- мугалим - борбордук фигура, маалыматтын булагы;
- мугалим сабактын убактысын, жумушту бөлүштүрөт;
- окуучулардын ишин тез-тез көзөмөлдөп турат;
- окуучулар - таасир этүүнүн пассивдүү объектилери;
- окуучулардын жигердүү чыгармачылыгы жок, бири-бири менен өз ара таасир этишүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө ээ эмес;
- окуучулардын демилгелери, өз алдынчалуулугу жокко эсе.

Кыргыз адабияты предметин окутууга карата пассивдүү мамиле схемада төмөндөгүдөй болуп көрүнөт:





Байкалып тургандай, мында байланыш бир тараптуу, басымдуу мугалим сүйлөп, окуучулар жаңы материалды унчукпай тынч отуруп, пассивдүү өздөштүрүшөт. Алар мугалим мүмкүнчүлүк берген учурларда гана коюлган маселенин алкагында кыскача жооптор менен чектелишет.

**2) Жигердүү мамилелер:**

- мугалим - маалыматтын булагы, эксперт;
- окуучулар эми пассивдүү угуучу эмес, суроолорду берип, идеяларын, чечимдерин сунуштап, окуу ишмердүүлүгүнүн субъекти болуп башташат;
- темалар, проблемалар биргелешкен талкуунун жүрүшүндө түзүлөт;
- сабактын бекем, мурдатан аныкталган түзүмү жок, мугалим кырдаалга ылайык аракеттенет.

Кыргыз адабиятын окутууга карата жигердүү мамиле схемада төмөндөгүдөй:





Көрүнүп тургандай, мында байланыш эки тараптуу: мугалим жалпы окуучуларга, окуучулар мугалимге өздөрүнүн идеялары, суроолору менен кайрылышат. Демек, бул жерде мектеп мугалими борбордук фигура бойдон калганы менен, анын окуучулар менен өз ара мамилелеринин мүнөзү кескин, түп тамырынан бери өзгөрөт.

**3) Интерактивдүү мамилелер.**

- мугалим мында борбордук фигура жана башкы маалымат булагы болуудан калат;
- анын ролу - каралчу маселенин жалпы багытын аныктоо, окуучулардын демилгелери үчүн шарттарды түзүү;
- ал - кеңешчи, кыйынчылыктар туулганда - жардамчы;
- окуучу - окуу процессинин толук укуктуу катышуучусу, ал изилдеп-иликтөө жумуштарын өз алдынчалуу же башка окуучулар менен өз ара аракетте болуп, биргелешип алып барат;
- окуучулар үчүн маалымат булактары болуп сабак учурундагы мугалимдин айткандары, окуу китеби, усулдук колдонмолор, сынчы-адабиятчылардын өтүлүп жаткан чыгармага карата пикирлерин, талдоолорун камтыган адабияттар, сөздүктөр, КТБ (коммуникациялык технологиялар булактары) эсептелишет;
- үйрөнүү процесси көпчүлүгүндө өз көзү менен көрүү, өз башынан кечирүү негизинде жүрөт.

Кыргыз адабиятын окутууга карата интерактивдүү мамиле схемада төмөндөгүдөй:



Байкалып тургандай, мында алака-катыш, байланыш үч тараптуу өнүгүп, билим, маалымат алуу процесси окуучулардын билим-билгичтиктеринин классташтарынын билим-билгичтиктери менен түздөн-түз өз ара аракетте болуусуна негизденет, андан да интерактивдүү көнүгүүлөрдүн көпчүлүгүндө окуучулардын өздөрүнүн билим-билгичтиктерине, билим алууга болгон көндүмдөрүнө таянылат. Жаңы билим, билгилик (компетенттүүлүк) мына ушундай кошумча мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде түзүлүп калыптанат.

Мугалим кыргыз адабиятын мектепте окутууга карата интерактивдүү мамиледе – интерактивдүү окутууда жаңы билимдерди, маалыматтарды тааныштыруу менен бирге, окуучуларын өз алдынча изденүүгө түртмөлөйт. Мугалимдин жигердүүлүгү окуучулардын жигердүүлүгүнө орун бошотот, анын милдети алардын демилгелеринин ойгонушу үчүн шарттарды түзүү болуп калат. Мугалим окуу материалын өзү аркылуу өткөрүүчү чыпкалык ролунан баш тартат жана маалымат булактарынын биринин, жардамчынын функциясын аткарып баштайт. Ушул себептүү мектепте кыргыз адабияты предметин окутууга карата интерактивдүү мамиле көбүнчөсү жогорку класстарда колдонуу үчүн ылайыктуудай туюлат, чынында андай эмес.

**Кыргыз адабияты сабагында окуучулардын билим алууга карата билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу** маселесине келсек, сабакка жетишпегендиктин жана адабияттан билимдин төмөнкү деңгээлинин себептери бир нече, эң башкысы - билимге ээ болууну билбегендик. Мектептик билим берүүдө басым окуучуларда окуп, билим алууга карата көндүмдөрдү калыптандырууга коюлуп, аларды эмгегин жеңилдетчү, өздөрү каалап, бүткүл жан дүйнөсү менен умтулуп билим алууларына мүмкүндүк берүүчү билгичтиктер жана көндүмдөр менен куралдандыруу керек.

Мугалимдер сабакка жетишпеген окуучуларга өзгөчөлүү көңүл бурушат. Алардын башкы кемчилиги - окуп, билим алуу ишмердүүлүктөрүнүн калыптанбагандыгы, акыл жөндөмдүүлүктөрүнүн, билим алууга деген билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн өнүкпөгөндүгү. Ушунда окуучулардын акыл жөндөмдүүлүктөрүнүн, билим алууга карата билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптангандыгына карата өнүгүүнүн бир нече деңгээлин бөлүп көрсөтүшөт.

Жогорку деңгээлге тийиштүү окуучуларда жалпы (көңүл буруу, эс тутум, ой жүгүртүү) жана атайын (адабий чыгармачылык, уюштуруучулук ж.б.) жөндөмдүүлүктөр өнүктүрүлгөн жана калыптанган. Бул деңгээлдин окуучулары басымдуу жакшы окушат, өзүн өзү өнүктүрүп-өркүндөтүшөт, үйрөнүлүп жаткан материалга карата чоң кызыккандыктарын көрсөтүшөт.

Жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсү орточо деңгээлдеги окуучуларды эки тайпага ажырымдаса болот. Биринчи тайпада жалпы жөндөмдүүлүктөр атайынга (жекече жөндөмдүүлүктөр) караганда түзүгүрөөк өнүккөн, экинчи тайпада атайындар жалпыга (тайпалык жөндөмдүүлүктөр) караганда басымдуулук кылышат.

Жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсүнүн төмөнкү деңгээли менен окуучуларда жалпы дагы, атайын дагы жөндөмдүүлүктөр (чачыранды элементтер) начар калыптанган. Мында окуучулар окуу ишмердүүлүгүнө пассивдүү тартылганынан улам мугалимдин атайын жардамы талап кылынат.

Кыргыз адабияты сабагында окуучулардын билим алууга карата билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу - окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн усулдарын өркүндөтүүнүн эң бир маанилүү шарты. Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн аны сарамжалдуу уюштуруунун төмөндөгү сыяктуу айрым жалпы ык-жолдорун иштеп чыгуу зарыл.

- ишти пландаштыра билүү;
- милдеттердин системасын так, даана белгилеп, алардын ичинен башкыларын бөлүп алуу;
- алдыга коюлган милдеттерди кыйла тез жана үнөмдүү чечүүнүн ык-амалдарын билгичтик менен тандап алуу;

- тапшырмалардын аткарылышына билгиликтүү жана ыкчам көзөмөл жүргүзүү;
- өз алдынчалуу ишке оңдоолорду ылдам киргизүү билгичтиги;
- иштин жалпы жыйынтыктарын анализдөө, алынган натыйжаларды башында болжолдонгон менен салыштыруу, четтөөлөрдүн себептерин табуу жана мындан аркы иште аларды жоюунун жолдорун белгилөө.

Кыргыз адабияты сабагы маалында окуучу өзүн өнүктүрүүнүн үстүндө аң-сезимдүүлүк менен жигерлүү аракеттенсе, окутуунун натыйжалуулугу байкаларлык жогорулайт, жазуу ишиндеги, кебиндеги, өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштуруудагы мүчүлүштүктөрүн өз алдынчалуу табууга жана аларды жоюуга умтулуп баштайт. Бул үчүн өзүнүн ишмердүүлүгүндөгү катачылыктарды, ошондой эле жетишкендиктерди таап, аларды изилдеп анализдөөнү үйрөнүүсү зарыл. Адабият сабактарындагы окутуунун натыйжалуулугу окуучулардын билим алууга карата билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруудан жана өнүктүрүүдөн түздөн-түз көз каранды.

Ишмердүүлүктүн оозеки кеп, сабак маалында көркөм туундуларды комментарийлеп талдоо, тайпалык биргелешкен чыгармачылык ишмердүүлүк, тайпада өзүн алып жүрүү сыяктуу формаларын жүзөгө ашыруу жетиштүү эле татаал. Мисалы, окуучу инсан катары толук калыптанып жетише электигинен улам өзүнүн сабакка жооп берүүдөгү оозеки кебинде жана жүрүм-турумунда көп жаңылыштыктарды кетирет. Ал басымдуу учурларда, мейли, сабак маалында же андан тышкарыда болобу, эмнени айтканына толук кандуу көзөмөл жүргүзүп, аны баалай албайт. Мына ушул сыяктуу көйгөйлөрдөн улам окуучулардын билим алууга карата төмөндөгүдөй билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу зарылдыгы келип чыгат.

**1. Окуулук-уюштуруучулук:**

- окуп-билим алуучулук милдетти коюу;
- адабий чыгарманы талдоо иш-аракеттеринин уланмалуулугун түшүнүү;
- талдоолордон алынган натыйжаларды окуп-билим алуучулук милдет менен айкалыштыруу;
- кыргыз адабияты сабагы маалындагы өзүнүн ишмердүүлүгүн жана башкалардын ишмердүүлүгүн баалоо;
- **адабияттан жумушчу дептерди жазып толтуруу ишин туура жүргүзүү.**

**2. Окуулук-маалыматтык:**

- кыргыз адабияты окуу китеби жана кошумча адабияттар менен иштөө;
- сабак учурундагы аңгемелөөнү, баяндап жазууну, талкуулоону бири-биринен айырмалай билүү;
- көркөм туундунун текстинин - материалдарынын негизинде таблицаларды, схемаларды, графиктерди түзүү;
- түшүнгөнүн кайрадан баяндоонун ар кыл түрлөрүнө ээлик кылуу.

**3. Окуулук-логикалык:**

- өтүлүп жаткан чыгармадан эң башкысын, маанилүүсүн бөлүп алуу;
- чакан адабий туундунун же эпизоддун жөнөкөй жана татаал планын түзүү;
- чакан же орто көлөмдүү чыгармаларга сюжеттик-композициялык план түзүү;
- аныкталган критерийлерге ылайык чыгармадагы фактыларды, кубулуштарды, окуяларды салыштыруу;
- өтүлгөн көркөм туундунун олуттуу белгилери боюнча аныктама берүү;
- чыгарманын өзөк окуялары, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү боюнча ой жорууну айтып чыгуу, аларды фактылар менен бекемдөө;

- өтүлгөн материалдарды жалпылоо, жыйынтыктоо.

**4. Окуулук-коммуникативдик:**

- өтүлгөн чыгарма боюнча жекече ой жоруусун айтып чыгуу;
- көркөм туундунун материалдарын тактоочу суроолорду берүү;
- кыргыз адабияты сабагы маалында бири-бирин уга билүү;
- адабият сабагындагы биргелешкен ишмердүүлүктө жумушту бөлүштүрүү;
- өтүлгөн адабий туунду боюнча окуп-билим алуучулук баарлашууга катышуу;
- тайпадагы адабий талдоо ишин уюштуруу.

Милдетине окуучулардын билим алууга карата билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү кирген кыргыз адабияты сабактарынын мисалында тайпалык тапшырмаларды уюштуруу боюнча иш-аракеттердин уланмалуулугун төмөндөгүдөй кылып белгилеп кетсе болот:

1. Класста 3-4 окуучудан турган тайпаны түзүү.

2. Сабак процессиндеги биргелешкен ишмердүүлүктүн максаттарын аныктоо жана тактоо.

3. Кыргыз адабияты сабагынан тапшырманы аткаруунун планын түзүү.

4. Катышуучулардын ортосунда милдеттүүлүктөрдү бөлүштүрүү.

5. Адабияттан тапшырмаларды чечүүнүн ык-жолдорун табуу.

6. Тапшырмаларды аткаруунун варианттарын талкуулоо.

7. Өтүлгөн чыгарма боюнча ар башка катышуучулар сунуштаган варианттарды салыштыруу.

8. Тапшырмаларды аткаруунун сунушталган варианттарынын негизинде жамааттык чечимди кабыл алуу.

9. Адабият сабагы маалында аткарылган иш жөнүндө класста эсеп-чот берүү.

Акырында мектеп окуучуларынын билим алууга карата билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында адабий чыгарманын тексти менен болчу жумуштарды V класста, мисалы, төмөндөгү планга ылайык уюштуруу сунушталат:

1. Өзүңө адабий туундунун, мисалы, Ч.Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемесинин текстин өздөштүрүү керек болду дейли. Чыгарманын өзүн окубай туруп, аны үйрөнүп-өздөштүрчү планыңды түз.

2. Өзүң түзгөн планды пайдаланып, аңгеменин текстин окуп өздөштүр.

3. Өзүңө «Атадан калган туяк» аңгемесинин материалдары боюнча текст түзүүгө жардам берчү таяныч планды, схеманы же конспектини түз.

**3. Мектепте кыргыз адабияты сабагын алып баруунун мыйзам-ченемдүүлүктөрү жана принциптери.**

Жалпы орто билим берүүчү мектептердеги кыргыз адабияты предметин окутуу процесси мыйзамченемдүү өнүгүүчү билим берүүчүлүк процесс болуп эсептелинет. Адабиятты окутууга коомдун өнүгүүсүнүн жалпы мыйзамченемдүүлүктөрү, инсанды жана педагогикалык процесстин өзүн калыптандыруу таасирин тийгизишет. Ал эми адабиятты - кыргыз адабиятын мектепте окутуунун **мыйзамченемдүүлүктөрү** ар түрдүү.

Негизги мыйзамченемдүүлүктөрдүн бири - **педагогикалык таасир этүүлөрдүн мектеп окуучуларынын кыргыз адабиятынан билимдерге ээ болууга деген умтулуулары менен дал келүүсү**. Ушул мыйзамченемдүүлүк аркылуу адабият сабагында окуучулардын курчап турган анык болууну таанып-билүүгө болгон умтулууларынын жүзөгө ашырылуусу камсыз кылынат. Ушунда кыргыз адабияты мугалиминин окуучуларга окуткан предметине байланыштырып көбүрөөк кызыктуу жана күнүмкү жашоосунда зарыл билимдерди берүүгө жигердүү умтулуусу көңүлгө алынат.

Ошондой эле кыргыз адабияты мугалиминин билим берип таасир этүүлөрүнүн окуучулардын жекече жана жамааттык ишмердүүлүктөрүнө дал келүүсү. Бул мыйзамченемдүүлүк адабият мугалиминен окутуу процессиндеги ар кандай ишмердүүлүк окуучулардын инсандык сапаттарынын кайсы бирин өнүктүрөрүн түшүнүүнү талап этет. Жигердүү жекече жана жамааттык ишмердүүлүктөрсүз ага жаш адамды туура тарбиялоонун, кыргыз адабияты предметин өздөштүрүүдөгү талап кылынган билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү окуучуларына сиңдирүүнүн практикалык көйгөйлөрүн чечүүсү мүмкүн эмес.

Окутуунун дагы бир маанилүү мыйзамченемдүүлүгү-кыргыз адабияты мугалиминин өз предметин окутууга койгон талаптары менен окуучулардын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн дал келүүсү. Ал адабият мугалиминен окуучунун жекече жана социалдык-психологиялык бөтөнчөлүктөрүн, анын таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн, сабак учурундагы жана бош убактарындагы кызыкчылыктарын жана ишмердүүлүктөрүнүн мүнөзүн көңүлгө алышын талап кылат.

Кыргыз адабияты мугалиминин жана окуучулардын ишмердүүлүктөрү адабиятты мектепте окутуунун каражаттарына дал келүүсү керек. Адабиятты заманбап окутуу окутуунун техникалык каражаттарын колдонуунун кеңири мүмкүнчүлүктөрүн берет. Кыргыз адабиятын окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууда окутуунун каражаттары айкын бир сабактын максаттары жана милдеттери менен дал келгидей болуп колдонулганы ылайык.

Кыргыз адабиятын жалпы орто билим берүүчү мектепте **окутуунун принциптерине** келсек, алар адабиятты окутуу процессинин мыйзамдарынын жана мыйзамченемдүүлүктөрүнүн аракетте болушун чагылдыруучу адепки дидактикалык жоболор катары көрүнөт жана анын инсанды өнүктүрүү багытын түзүп калыптандырышат. Кыргыз адабиятын окутуунун принциптери аркылуу кыргыз адабиятын мектепте предмет катары өздөштүрүү процессинин уюштурулушунун жана аны алып баруунун теориясы ачылып берилет. Кыргыз адабиятын мектепте окутуунун принциптерин билүү жана түшүнүү окутуу процессин анын мыйзамченемдүүлүктөрүнө ылайык уюштурууга, максаттарды так аныктоого жана кыргыз адабияты боюнча окуу материалынын мазмунун толуктап-байытууга, адабиятты окутуунун туура формаларын жана усулдарын тандап алууга мүмкүндүк берет.

Дегинкиси, окутуунун - кыргыз адабиятын мектепте окутуунун мыйзамченемдүүлүктөрү аны окутуунун принциптерин түзүп калыптандырат. Кыргыз адабиятын мектепте окутуунун принциптери адабиятты окутуунун мазмунуна, уюштурулушуна жана методикасына карата талаптарды аныктоочу көбүрөөк маанилүү жоболорду ичине камтыйт.

Адабияттык билим берүүнүн маселелерин чечип жатып, мектептеги кыргыз адабияты мугалими жалпы педагогикалык жанажекече методикалык принциптерге таянат. Жалпы педагогикалык жана жекече методикалык принциптер - бул жалпы, негизги жана багыттоочу жоболор, булар илимий-педагогикалык мыйзамченемдүүлүктөрдү жана адабиятты мектепте окутуунун практикалык тажрыйбаларын анализдөөнүн натыйжасында келип чыгышкан.

Кыргыз адабиятын мектепте окутуп-үйрөтүү төмөндөгүдөй жетектөөчү жалпы педагогикалык (дидактикалык) принциптерге таянат: 1) **илимийлүүлүк** - теманы заманбап адабият таануунун позициясынан кароо; 2) **системалуулук жана ирettүүлүк** - кыргыз адабияты окуу программаларынын көрсөтмөлөрүн жана сунуштамаларын бузбай так аткаруу; 3) **мугалимдин окуучулардын аң-сезимдүү жана жигердүү ишмердүүлүгүндөгү жетектөөчү ролу** - кыргыз адабияты сабагынын чөйрөсүндө субъективдүү мамилелерди орнотуу; 4) **жеткиликтүүлүк** - үйрөнүлүп жаткан окуу материалы окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнө

ылайык жеткиликтүү болушу керек; 5) **предмет аралык байланыштар -** кыргыз адабияты предметинин мектептик башка окуу предметтери менен өз ара байланышта болушу; 6) **көрсөтмөлүүлүк -** кыргыз адабияты сабагында көркөм чыгарманы талдоону көрсөтмө каражаттар аркылуу тереңдетүү, көрсөтмөлүүлүктүн негизинде адабияттын искусствонун башка түрлөрүнөн айырмачылыгын белгилөө, көрсөтмөлүүлүктүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдаланып, сабактын жагымдуу маанай талаасын түзүү; 7) **кыргыз адабиятын окутуу процессинин тарбиялык багытталгандыгы -** өтүлүп жаткан чыгарманын мисалында окуучуларга адеп-ахлактык, этикалык жана эстетикалык, атуулдук тарбия берүү.

**Адабиятты мектепте окутуудагы жекече методикалык принциптер булар:** 1) кыргыз адабиятын мектепте окутуу сөз өнөрү катары; 2) көркөм чыгарманы форманын жана мазмундун биримдигинде талдоо; 3) тарыхыйлык принциби; 4) айрым бир акын-жазуучунун чыгармачылыгындагы салттуулук жана жаңычылдык принциби, бул окуучуларга кыргыз адабиятынын бирдиктүү процесс катары өнүгүүсүнө көз жүгүртүүгө мүмкүндүк берет; 5) ички предметтик байланыштар; 6) кыргыз адабиятынын тарыхы жана теориясы боюнча негизги түшүнүктөрдү өздөштүрүү; 7) тарыхый-маданий маалыматтарды жана адептик-эстетикалык түшүнүүлөрдү ой элегинен өткөрүү, башкача айтканда, адабиятты маданият таануучулук жана жүрүм-турумдук контекстте үйрөнүү; 8) кыргыз тилинин эң эле бай көркөмдүк каражаттарына ээлик кылуу.

Арийне, кыргыз адабияты предметин мектепте окутуунун жогоруда келтирилген принциптери улуу педагог Ян Амос Коменскийден бери келаткан дидактиканын жалпы принциптерине таянат. Окутуунун жалпы принциптери төмөндөгүдөй болуп классификацияланат:

- **Көрсөтмөлүүлүк принциби.** Предметтерди жана кубулуштарды туюмдук кабылдоо негизинде түшүнүүлөрдү жана түшүнүктөрдү түзүп калыптандыруу зарылдыгын көрсөтөт.
- **Аң-сезимдүүлүк жана жигердүүлүк принциби.** Окутуп-үйрөтүү процессинде билимдерди аң-сезимдүүлүк менен өздөштүрүүнүн жалпы белгилерин көңүлгө алуу зарыл. Мында үйрөнүлчү окуу материалына карата жекече кызыкдарлык маанилүү ролду ойнойт. Окуу материалын аң-сезимдүү өздөштүрүүнүн белгиси катары өз алдынчалуулуктун даражасы эсептелинет, ал канчалык жогору болсо, билим ошончолук аң-сезимдүүлүк менен өздөштүрүлгөн болот.
- **Жеткиликтүүлүк принциби** окуу материалынын мазмуну, окутуунун усулдары жана формалары окуучулардын өнүгүү деңгээлине дал келүүсү зарылдыгында камтылган. Жеткиликтүүлүк көптөгөн факторлор: дидактиканын принциптерин бузбай кармануу, окуу материалын жооптуулук менен иргеп алуу, аны үйрөнүүнүн көбүрөөк натыйжалуу системасын колдонуу, окутуунун кыйла сарамжалдуу усулдары, мугалимдин чеберчилиги ж.б. менен аныкталат.
- **Илимийлүүлүк принциби.** Сунушталган окуу материалы илимдин заманбап жетишкендиктерине жооп бериши керек. Андыктан окуучуларды адабият программасынын тийиштүү бөлүмүнөбайланыштуу илимдин соңку жетишкендиктери менен дайым тааныштырып туруу зарыл.
- **Жекече мамиле принциби.** Жекече мамилени жүзөгө ашырууда окуучулардын окуу материалын кабылдоо мүмкүнчүлүгүн, б.а., окууга болгон жөндөмдүүлүктөрүн көңүлгө алуу зарыл. Окууга болгон жөндөмдүүлүктүн

белгилерине: билимдердин жана көндүмдөрдүн көрөңгөсү, окуу материалын ой элегинен өткөрө алуу билгичтиги, аны ар кыл түрдүү милдеттерди чечүүдө өз алдынча колдоно алышы, жаңы окуу материалынын негиздүү белгилерин жалпылоо, бөлүп алуу билгичтиги ж.б. тийиштүү.

- **Системалуулук жана удаалаштык принциби.** Мугалим окуу материалынын берилишин окуучулардын аң-сезиминде системалуу деңгээлге чейин жеткирет, билимдер белгилүү бир удаалаштыкта берилет жана алар өз ара байланышкан болушу керек. Системалуулук жана удаалаштык принцибин ишке ашыруу окутуу процессинде ордун басуучулукту, б.а., логикалык удаалаштык жана мектепте үйрөнүлчү окуу предметтеринин ортосундагы байланышты көңүлгө алат, жаңы окуу материалы мурдараак өздөштүрүлгөнгө негизделиши керек.
- **Билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуудагы бекемдик принциби.** Көрсөтүлгөн принциптин маани-маңызы бекем эстеп калууда эле эмес, ошондой эле эстеп калганды колдоно билгенде турат.
- **Теориянын практика менен байланышы принциби.** Практика таанып-билүүнүн негизи болуп эсептелинет. Теориялык изилдөөлөр илимдин урматы үчүн эмес, практикалык ишмердүүлүктү өркүндөтүү үчүн жүзөгө ашырылат.

Кыргыз адабиятын мектепте окутуунун принциптеринен тышкары жалпы дидактикалык принциптердин тизмегин атайын келтирдик. Адабиятты окутууга тийиштүү принциптерди иштеп чыгуу - өзүнчө маселе, ошол эле маалда жалпы дидактикалык принциптерди жогорку турушундагыдан эч өзгөртпөй адабиятты - кыргыз адабиятын окутуу үчүн да пайдаланса болот. Мектептердин иш тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, республикабыздагы кыргыз адабияты мугалимдеринин басымдуу көпчүлүгү окутуу ишинде мына ошол жалпы дидактикалык принциптерди адабиятка ылайыктап колдонуп жүрүшөт.

**Адабияттар:**


1. Караңыз: Твардовский А.Т. Собрание сочинений в 5 томах., 5 том. Статьи и заметки о литературе. – М.: Художественная литература, 1966.
2. Твардовский А. О литературе. – М., 1973. – С. 291.
3. Алексеева М.А.Преподавание литературы: образовательные технологии. Учеб.-метод. пособие. – Екатеринбург: Изд-во Урал. ун-та, 2014. – 100 с.
4. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. 1-китеп. – Ф.: Мектеп, 1981. – 220 б.; 2-китеп. – Ф.: Мектеп, 1984. – 316 б.
5. Богданова О.Ю., Леонов С.А., Чертов В.Ф. Теория и методика обучения литературе. Учебник для студентов пед. вузов. – М.: Издательский центр «Академия», 2004. – 400 с.
6. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. – Б.: Турар, 2013. – 554 б.
7. Оторбаев Б.К. Адабиятты мектепте окутуунун актуалдуу маселелери. – Б., 2013.; Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. – Б., 2011.
8.

**Мурзабаев Көчкөнбай Кудайбердиевич,**
*ОшМУнун доценти, педагогика илимдеринин кандидаты.*

## МАТЕМАТИКА ПРЕДМЕТИН ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ПРЕДМЕТТЕРИ МЕНЕН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ

**Мурзабаев Кочконбай Кудайбердиевич,**
*кандидат педагогических наук, доцент Ошского государственного университета*

## НЕКОТОРЫЕ ПУТИ ИНТЕГРИРОВАННОГО ИЗУЧЕНИЯ ПРЕДМЕТА МАТЕМАТИКИ С ЕСТЕСТВЕННОНАУЧНИМИ ПРЕДМЕТАМИ

**Murzabaev Kochkonbai Kudaiberdievich,**
*candidate of pedagogical Sciences, associate Professor of Osh state University*

## SOME WAYS OF INTEGRATED TEACHING OF MATHEMATICS AND NATURAL SCIENCES

**Аннотация:** *Бул илимий макалада предмет аралык байланыштарды интеграциялап окутуу аркылуу ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрү каралган. Интеграциялап окутуу – азыркы учурдун талабына ылайык эң керектүү ыкма болуп саналат. Предметтерди интеграциялоо менен бирге окуучулар дүйнөнү бир бүтүн нерсе катары окуп үйрөнүшөт. Окутуунун бул ыкмасы окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн кеңейтип, активдүүлүккө, акыл-эстүүлүккө, алган билимдерди практикалап көрүп, аны эс-тутумунда сактоого, гумандуулукка, толеранттуулукка, педагогикалык жактан да, психологиялык жактан да, туура тарбиялоого багыт берет.*

**Түйүндүү сөздөр:** *интеграциялап окутуу, билим берүүнүн мазмуну, билим берүү стандарты, интеграцияланган сабак, интеграциялык процесстер, предмет аралык интеграция, предмет ичиндеги интеграция.*

**Аннотация:** *В данной статье рассмотрены возможности реализации межпредметной связи через интеграцию учебных материалов обучения. В наше время интеграционный метод обучения очень полезен и необходим для всех учащихся. Изучая предметы интеграционным методом, учащиеся могут изучить весь мир как единое целое. Этот метод обучения расширяет мышление учеников, побуждает их к активности, разумности, применению полученных знаний на практике и запоминанию этих знаний, гуманизму, толерантности, воспитанию как педагогически, так и психологически.*

**Ключевые слова:** *интеграционное обучение, содержание образования, стандарты образования, интеграционный урок, интеграционные процессы, межпредметная интеграция, внутрипредметная интеграция.*

**Abstract:** *In this article, the possibilities of implementing intersubject communication through the integration of study teaching materials are considered. Nowadays the integration is very useful and necessary for all pupils. Studying integration of objects students can study the world as a unit. Such method of tutoring channelizes students to be keeping an open mind, to be active, to be smart, to practice and remember the acquired knowledge, humanity, tolerance, to be well-mannered pedagogically and psychologically.*

**Keywords:** *integration education, educational content, education standards, integration lesson, integration processes, interdisciplinary integration, intrasubject integration.*

Илимдин интеграциялык темптеринин ылдамдашы, илимдин өндүрүш менен болгон байланышынын күч алышы мектептердеги жалпы билим берүү ишине түздөн-түз таасирин тийгизип жатат. Ошондуктан окуу материалдарын ар тараптан терең үйрөнүү, ар түрдүү билимдерди синтездөө, андагы жетектөөчү идеяларды ачуу, илимдин негиздери жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу өтө орчундуу маселелердин бири болуп калды. Ошондуктан мектеп окуучуларында объективдүү көз караштарды калыптандырууда, алган билимдеринин илимий системасын түзүүдө математика предметин

табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутууну иш жүзүнө ашыруу айрыкча мааниге ээ болуп олтурат. Ошондой эле синтезделген билимди колдонуу жолу менен азыркы учурдагы илимий, социалдык жана өндүрүштүк милдеттерди окуучулардын туура түшүнүп кабыл алуусунун натыйжасында да математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутуунун ролу жогорулоодо [5].

Математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутуу, мектептерде үйрөнүлүүчү ушул предметтердин ар түрдүү жактарынын диалектикалык биримдигин окуучуларга үйрөтө турган дидактикалык принциптердин бири болуп эсептелет. Математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутуу маселесинин күн тартибине коюлушу азыркы учурдагы илимий прогресстин өнүгүшүнүн талаптары менен да тыгыз байланыштуу. Бүгүнкү күндө илимдин түрдүү тармактарынын мурда белгисиз болгон жаңы байланыштары ачылып жатат. Айталы, математика илими менен физиканын, химиянын, биологиянын байланыштарынан келип чыгып жаткан илимдин жаңы тармактары кадимкидей өзүнүн жыйынтыктарын берип жатканы баарына белгилүү. Илимдеги болуп жаткан бул сыяктуу ачылыштар азыркы учурда комплекстүү изилдөөнүн, математикалык жана табигый илимдерди байланышта кароонун жаңы милдеттерин коюп олтурат. Илимдеги мындай ачылыштар анын ар кандай тармактарынын ортосундагы өз ара байланышты дагы тереңдеп изилдөө милдетин коюп жаткан учурда, окуучуларда мындай байланыштар жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрдү калыптандыруу, алардын билиминин сапатын жогорулатуу зарылдыгы өзүнөн-өзү келип чыгат [6].

Бул милдетти методологиянын негизинде иш жүзүнө ашырууда математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутууга негизги роль таандык. Ал окуучуларга терең билим берүү менен, ар кандай илимдин ортосундагы карым-катыш, байланышты түшүнүүгө гана мүмкүнчүлүк ачпастан, өз алдынча иш алып барган учурда да ошол байланыштарды колдоно билүүгө үйрөтөт. Ошондуктан «жаңы программаларда жакын курстардын ортосундагы предмет аралык байланышка атайын орун берилген. Аларды окуп үйрөнүү бир предметтин материалынын берилиши башка предметтин билимине таянгыдай эсеп менен курулган. Мындайча мамиле билимди кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк берип, үйрөнүлүп жаткан кубулуштар менен закон ченемдүүлүктөрдү ар тараптан ачууга, ар кандай илимий фактылар менен кубулуштардын жалпы жана жекече негиздерин көрө билүүгө өбөлгө түзөт». Педагогика илиминин тарыхына көз чаптыра турган болсок, анда мектептердеги окуу предметтерин бири-бири менен байланышта үйрөнүү окуучуларга терең билим берүүнүн дидактикалык принциби катары эсептелип келгендигин байкоого болот [1].

Математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутуунун негизинде окуучулардын ойлоо ишмердигинин илимий жактан негизделген ыкмаларын үйрөнүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылат. Анткени ал окутууга жана тарбиялоого комплекстүү мамиле кылууга, окуучунун дүйнөгө болгон көз карашынын калыптанышына өбөлгө түзөт. Ушул жагдайдан алганда анын тарбиялык ролу да жогору. Математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутууну иш жүзүнө ийгиликтүү ашыруу окуу предметтеринин жардамы менен идеялык-саясый жана адептик жактан тарбиялоону күчөтөт. Маселен математика, физика, биология, география, информатика, химия предметтериндеги түшүнүктөрдү айкалыштырып сабак өтүлсө, анда окуучунун кесипке багыт алуусун ыкчам калыптандырат. Бул жагдайда тектеш, бир беткей табигый илимдер менен математика предметинин өз ара байланышы окутуу жана тарбиялоону бир кыйла

натыйжалуу кылат. Бул байланыштарды жана милдеттерди окутуу процессинде иш жүзүнө ашырууда программадагы предмет аралык байланыш деген бөлүм мугалим үчүн багыт бергич катары кызмат аткарышы керек. Ал эми математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутуунун, билим жана тарбия берүүчүлүк милдетин, ага комплекстүү мамиле жасоонун ар түрдүү ыкмаларын иш жүзүнө ашыруу баарынан мурда мугалимдин ишмердигине байланыштуу болот. Математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутуу мугалимдин ишмердигиндеги кандайдыр бир өзүнчө бөлүнүп турган жеке нерсе эмес, анын сабакты пландаштыруудан тартып аны класста өткөргөнгө чейинки ишмердигинин ажырагыс бөлүгү болууга тийиш. Мында мугалимдин ар тараптан билимдүү болушунун, башкача айтканда, жеке гана өзүнүн предмети эмес, ага тектеш предметтер, андан сырткары бүткүл мектептин иши боюнча да терең маалыматтуу болушунун өтө зор мааниси бар [2].

Азыр мектептерде бардык предметтер боюнча типтүү программага өтүү иши аяктады. Жаңы программанын негизинде окуу китептери түзүлдү. Мугалимдин өз алдынча иштөөсү, билимин өркүндөтүүсү учурдун алдыга койгон талабы болуп калды. Ошондуктан математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутууну турмуштун талабынын деңгээлинде иш жүзүнө ашырыш үчүн мугалим математика предметинин жана табигый илимдер предметтеринин программалары жана окуу китептери, кошумча окуу методикалык материалдары менен системалуу түрдө таанышып турушу башкы милдет болуп саналат. Анткени мугалим жогорку окуу предметтеринин мазмуну боюнча так жана ачык түшүнүктөргө, маалыматтарга ээ болбой туруп математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутууга алгачкы кадамды шилтеши мүмкүн эмес. Математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутууну ийгиликтүү ишке ашырыш үчүн мугалимдин жогоруда көрсөтүлгөн окуу предметтери менен кабардар болушу, алардын мазмунун жакшы билиш гана жетиштүү болот деп ойлоого жарабайт. Мындан тышкары мугалим аны ийгиликтүү окутуунун методикасы жана методикалык формалары, каражаттары жана ыкмалары менен толук куралданышы, ошол эле мезгилде интеграциялануучу предметтердин мугалимдеринин окуу-методикалык иштери менен тааныш болуусу зарыл. Математика мугалими интеграциялануучу предметтердин мугалимдери менен дайыма өтө жакшы байланышта болуусу тийиш. Тактап айтканда билимдердин негизин берүүдө жана сабактан тышкары тарбия ишинде математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутууну жүзөгө ашыруунун натыйжалуулугу мектептин бүткүл педагогикалык коллективи бири-бирин түшүнүп, жардамдашып биримдикте иш алып баруусуна да көз каранды. Мында бүт коллективдин алдында турган окуу жана тарбия милдеттерин чечүүгө, анын ичинде математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутууну иш жүзүнө ашырууга багыт берип, методикалык иштерди уюштуруп, мугалимдердин айрым иштерин топтоштуруп, керектүү маселелерди мектептин жалпы планына киргизип, алардын аткарылышын көзөмөлдөп туруучу мектептин жетекчилигине да чоң жоопкерчилик таандык [7].

Математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутуу жеке гана математика предметине тиешелүү эмес экендиги баарына түшүнүктүү. Ошондуктан мектептеги бардык предметтик мугалимдердин мындай иштерин бир нукка салууга жетишүү үчүн мектеп жетекчилигинин интеграцияланган сабактардын маселелери боюнча педагогикалык кеңеште, өндүрүштүк жыйналыштарда талкуу уюштуруп туруусу өтө пайдалуу. Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу, бардык предметтерге тийешелүү болгон жалпы проблемалар, айрым сабактарда колдонулган

***Аннотация.*** *Сунушталган илимий макалада кан Манас менен Алмамбет баатырдын жолугушуу окуясынын баяны мүнөздөлөт. Бул тарыхый жолугушуу учурунда Алмамбетти татыктуу тосуп алуунун камын көрүп, Манас жана анын чоролору тарабынан кыргыз элинин белгилүү салттуу жөрөлгөлөрү өз каадасы менен аткарылган көрүнүштөр сүрөттөлөт. Изилдөөнүн предмети – кан Манас менен Алмамбет баатырдын жолугушуу окуясын мүнөздөө. Бул илимий макалада, оболу, кан Манас менен Алмамбеттин жолугушуусуна чейинки Алмамбетти абдан капаланткан, аны кыжаалатка салган, санааркаткан окуялар баяндалат. Казактардын кан Көкчөнүн айланасындагы эң жакын кишилердин жандалбас урушуп, Алмамбетти каралоону жана күнөөлөөнү көздөшкөн ушак-айыңдары жана алардын көздөгөн башкы максаты - Көкчө менен Алмамбеттин ортосунда чоң чыр-чатак чыгаруу, Алмамбетти душман катары көрсөтүү. Көкчөнү спирт ичимдигине тойгузуу аркылуу алар бул көксөгөн арам ойлорун ишке ашырууга жетишишет. Алмамбет досу Көкчөгө абдан таарынат. Анткени, ал албуутанган ушак-айыңдарга ишенип, Алмамбет менен Акеркечтин (Көкчөнүн байбичеси) негиздүү жүйөлөрүн уккусу келбей, аларга кайра каарданып атырылат. Ошондой эле, Алмамбеттин казак элине жасаган ат көтөргүс жакшылыгын, эмгегин баалабаганына терең өкүнөт, анткени, Алмамбеттин тушунда казак элинин жашоо деңгээли өнүгүп-өркүндөгөн болчу. Алмамбеттин айланасындагы ушактардын барган сайын күчөй бергенинен улам, анын бул абалга чыдамы биротоло түгөнүп, ал бул жайдан кетүү чечимине келет. Ал Меккеге зыярат кылууга, ажылыкка, алыскы сапарга аттанат. Көп күнгө созулган ары оор, татаал жолдо, анын бактысына, кан Манас менен жолугушуу окуясы орун алат. Бул, Манастын буга дейре көргөн түшүнүн реалдуулукка айлануусу болуучу. Булардын баары Алмамбетти терең таасирлентип, Алмамбет өмүрүнүн акырына дейре кан Манастын акыреттик досу жана эң жакын санаалаш чоросу болуп калуу чечимин кабыл алат жана бул, өзгөчө, "Чоң казатта" көзгө даана урунат.*

***Негизги сөздөр:*** *кан Манас, Алмамбет баатыр, түш көрүү, адеп-ахлак, салт, бата, куттуктоо, сыноо**.***

***Аннотация.*** *На данной исторической встрече Хан Манасом были соблюдены определенные традиции и обычаи, чтобы достойно встретить Алмамбета. Предмет исследования – характеристика события встречи Хан Манаса и Алмамбет-батыра, китайца по происхождению.В данной научной статье описываются нежелательные для Алмамбета события, происходившие до состоявшейся встречи Хан Манаса и Алмамбет-батыра. События происходили в следующей последовательности: Искуственные, то есть придуманные сплетни и охаивания против богатыря и раздутые среди ближайшего окружения Хана Кокчо для того, чтобы поссорить Алманбета и Хана Кокчо с целью дальнешего обострения данного конфликта и придания ему необратимого характера. Воинствующим организаторам сплетен это удавалось сполна, поскольку они изрядно напоили Кокчо крепким напитком. Глубокая обида Алманбета на друга Кокчо, так как тот доверился разъярённым сплетникам и не воспринял доводы Алмамбета и Акеркеч (жена Хана Кокчо), и принял в штыки их объяснения, а также не оценил заслуги Алманбета перед казахами, у которых жизненный уровень поднялся и расцвел при Алмамбет-батыре. Из-за все более усиливающего оборота сплетен и охаиваний вокруг богатыря окончательно рухнули терпение и благодушие Алмамбета, который принял решение покинуть те места. Он отправился в дальную дорогу с целью паломничества, посещения Мекки и совершения хаджа. Однако в многодневной и трудной дороге, к счастью для него, состоялась его*

*встреча с Хан Манасом. Этой встрече предшествовал вещий сон Манаса, что и превратился в реальность.Все это в совокупности глубоко тронуло Алманбета, который решил остаться, и до конца своей жизни быть верным другом и самым близким соратником Манаса, что особенно подтвердилось во время “большого похода”.*

***Ключевые слова:*** *Хан Манас, Алмамбет-батыр, сновидение, этика, традиция, благословление, поздравление, испытание.*

***Abstract.*** *The proposed research article describes the events associated with the meeting of Han Manas and Almambet-Batyr. At this historic meeting, Han Manas respected certain traditions and customs in order to adequately meet Almambet.The subject of the study is a description of the event of meeting of Khan Manas and Almambet-batyr (batyr –(epical) hero), a Chinese by birth.This research paper describes undesirable events for Almambet that took place before the meeting of Han Manas and Almambet-Batyr. Events took place in the following sequence.Artificial, that is, invented gossip and speaking ill of the hero and inflated among the closest associates of Khan Kokcho aimed atbreaking out a quarrel between Almanbet and Khan Kokcho, further aggravating this conflict and givingit an irreversible character. The militant organizers of the gossip managed to do it in full, since they pretty much got Kokcho a strong drink. Almanbet’s deep resentment against Kokcho’s friend, since he trusted the angry gossipers and did not accept the arguments of Almanbet and Akerkeche (Khan Kokcho’s wife), and accepted their explanations with hostility, and also did not appreciate Almanbet’sgreat services, rendered to Kazakhs, whose living standard rose and flourished during the friendship of Almambet batyr and Kokcho. Due to the increasingly intensifying turnover of gossip and groans around the hero, the patience and complacency of Almambet finally collapsed, and he decided to leave those places. He went on a long journey with the goal of pilgrimage, visiting Mecca and performing the hajj. However, in a many-day and difficult road, fortunately for him, he encountered Khan Manas. This meeting was preceded by the prophetic dream of Manas, which turned into reality.All of this together deeply touched Almanbet, who decided to stay and be the faithful friend and closest ally of Manas until the end of his life, that was especially confirmed during the “big campaign”.*

***Keywords:*** *Han Manas, Almambet-Batyr, dream, ethics, tradition, blessing, congratulation, test.*

Кан Манас чоролору менен Ашмаранын оюна, Ак-Эрмендин боюна аңчылыкка чыгышкан учурда дүрбү менен адырларды сыдыра карай баштайт. Алыстан олбурлуу адамдын карааны көрүнөт. Аны дааналап билгиси келип, кызыгуу менен кароосун улантат. Анын курчанган белдемчиси, соот, кыягы кандайдыр өзгөчөлүү болгондуктан, ал кишинин Орто Азия журтунан эместигин аңдап-туят.

**Сөздүктө: Белдемчи** – 2. Баатырлардын жоо кийиминин түрү – белден ылдый тартылуучу аялдардын кийими түрүндө жасалып, негизинен ок, кылыч ж.б. куралдардан калканч катары сактоо милдетин аткарат. [6, 60-б.]

**Кыяк** – 1. Согуштук жоо кийимдердин бир түрү – калың, катуу териден, калың булгаарыдан жасалган төшкө тартылуучу (өзүнчө жип боолору менен таңылып бекитилиши, же кийген кийимге жабыштырыла тигилип коюлушу да мүмкүн) атайын калканч. Кээде мындай калканч металл пластинка түрүндө жасалышы да ыктымал. [6, 156-б.]

**Соот, зоот** – Чарайна, соот, кыягы. –Ок, найза, кылыч ж.б. согуш куралдарынан сактануу үчүн болот чынжырлардан (шакекчелер бири-бирине чиркелишкен) чолок жең, жеңсиз (чабышуу, атышуу үчүн ыңгайлуу). [6, 189-б.]

Баш кийиминде жыгалуу бөрк барлыгына, сын-сымбатына караганда, падыша да болгон болуу керек деген ойго кетет жана анын курагын - жыйырма сегиз жашты чамалайт.

Жыйырма сегиз жашы бар. [1, 1067-б.]

Дал ушул замат Манастын көргөн түшү анын эсине кылт дей түшөт. Түшүндө ал абдан айбаттуу жолборс, алгыр куштан туйгун көрүп, мыкты кылыч таап алган болчу.

“Ошол түшүмдө таап алган кылычым баатыр Алмамбеттин өзү турбайбы...”, - деп, чоролоруна **сүйүнчүлөөсү** баяндалат:

“Жоого сүрдүү жолборстор
Жолдошту кудай бериптир,
Сүйүнчү – деди, жолдоштор.
Айтканымды туюнчу,
Арстан эрлер сүйүнчү!
Сөз айтамын туюнчу,
Төрөлөрүм сүйүнчү,
Алмамбет келет, мен көрдүм, [1, 1067-б.]

Алмамбетти тосуп чыгууга камданыңар, - деп айтып, анын кандайдыр бир билбестиктен улам чогоолдук, өжөрлүк, анча-мынча адаттан тыш осол, жосун-жорук иш кылса, аны өөн көрбөй, кектебей, ага өчөшпөй, көтөрө билгиле да, Алмамбетти кетирбестин аргасын кылгыла дейт.

Алмамбет бөксө, адырлап жүргөндө силер ага көрүнбөй колот менен жүргүлө да, силерге жакындаганда “Азирет!” – деп, акырып, айгай салып бакырып, каракчы болуп чыгыңар, капилет аттан жыгыңар, башкача айтканда аны сыноого: - Алмамбеттин акылын, кандай карманаарын, жооп берээрин, бирок сырыңарды алдырбагыла деген көрсөтмө берет.

Көкчө кан баштаган казактар аны мазактап, азапка салып, кууган болду. Эми биз да өзүбүздүн адепсиз сөзүбүз, жосунсуз жоругубуз менен ага шек бербейли, кыргыздар да оңбогур эл турбайбы дегендей уятка калбайлы... Эгер ушундай жоругуңар байкалса, бириңерди койбой каныңарды төгөм; казак-кыргыз “алаш” эли деп аталат; казактар кытайдан келген бир эрдин баркына жетпеди, анын бизден көңүлү сууса, анда эле бүт түрк уулунун намысына көлөкө түшкөнү; андан көрө өзүбүз чапкан кылычка, өзүбүздүн башыбыздын кыйылганы артык, - деп жүйөлөйт.

Алмамбетти сыноого беленделген беш баатыр анын көзүнө чалдыкпоонун аргасын кылышып ойго салышып, кабактан кокус чыга калышып, мылтык атышып, добулду катуу кагышып, “Азирет!” – деп айкырып, “аламандап ат коюп, ат койсо да бат коюп”, “желегин шамал жапырып, жакын жерден жабылып”, качырып чыгышканда, Алмаң бир селт этпей, эч кебелбей, камырабай, аларды карап койбогону сүрөттөлөт.

Бул учурда Алмамбеттин кандайдыр чочуркап-коркпогон баатырдык мүнөзүнө, анын эр жүрөктүүлүгүнө, кайраттуулугуна таң калышат.

Кан Манас бешөөнө дагы бир тапшырма берген болчу, башкача айтканда, Алмамбет канчалык мыкты, арстан сындуу эр болсо да мага атынан түшүп, жөө саламын жолдосун; андан соң, калган жөнүн өзүм билемин дейт. Мындайча айтканда, Алмамбет кекирейген, текебер жанбы, же жапакечпи, ошону билгиси келүүдө.

Беш баатырдын баары Алмамбеттин айбатынан, каарынан сүрдүгүп, кан Манастын астына бараарда **биздин жөрөлгө, ырасым боюнча аттан түшүп салам берүү керектигин**, Алмамбетке кантип айтууну билишпей буйдалып калышат. Ошондо айтуунун ыгын Ажыбай табат. Ал чечкиндүүлүгүн көрсөтүп, күлүгүн Алмамбет менен жанаша бастырып, “Сиздин улуктугуңузду урматтайбыз. Биздин элде “Улук болсоң, кичик бол” деген нуска айтылат. Сизден өтүнөөрүбүз, бул жолу биз үчүн кичик, жупуну болуп коюңуз? Антпесеңиз, биздин башыбызды каары катуу каныбыздын кылычы кайсаганы турат, - деп жүйөлөйт. Ансыз да Манас тууралуу мурунтан маалыматы бар Алмамбет Ажыбайдын айткан жүйөөсүн түшүнүү менен кабыл алат. Анын үстүнө Манаста да Алмамбеттин сын-сыпаты тууралуу белгилүү өлчөмдө маалыматы бар болчу.

Манас каада сактап тосуп алып, сапарлап келаткан кишиге **ак ичирүү жөрөлгөсүн** аткарууну нөкөрүнө ишаарат кылат, Алмамбетке кесе толо кымыз кош колдоп сунулат. Кесени колуна албай туруп Алмамбет, алгач Бакай абасына сунууну жөндүү көрөт. Бакай эринин акырын гана кымызга тийгизип, Жабыкеге кайтараарда, Жабыке элпек эңиле кымызды ала коюп, Алмамбетке сунат. Алмамбет ачкалыгын эч кимге билдирбестин аргасын кылып, кымызды аз гана жутканы мүнөздөлөт. Бул кырдаалда ал абдан ачка болсо да, чыдамкайлыгын, сабырдуулугун көрсөтүп, кандыгына көлөкө түшүрбөөнүн аракетин жасоодо. Алмамбет чыныгы мырзалыктын үлгүсүн көрсөтөт. Манас Алмамбеттен анын эмнеликтен ачка жүргөнүн сураганда, ал Көкчөгө катуу таарынып чыкканын, ак дин, адилеттик (*анткени, кытайда көптөгөн адилетсиз жоруктарды көрүп, жаны кашайган болчу*) издеп Көкчөгө келип, анын журтуна аткарган канчалаган кызматынын бааланбаганын, аягында кызганычтын айынан аны аябай “өгөйлөп” жекелөөгө

алгандарын, андан качып чыгып, Меккеге ажылык сапарага барууну ниетине алганын, бирок, жолго чыгаарда Акеркеч Манаска жолугуумду өтүнүү менен сунуштаган болчу деп, болгон окуяны төкпөй-чачпай баяндап берет.

Алмамбет улуу кытай элинин каны, аны атайын чакырып келтире албайсың; кудайдын кудурети, буйругу менен бизге ал өзү келип калды; бул үчүн кудайга шүгүр келтирели, **канды тартуу менен тосуу салты** бар; кандык жолун кылалы да, анын белегин бат камдаңар? – деп, чоролоруна буйрук берет. Куттук айтып, тартуусун берген соң, элимде калуусун, же калбоосун өзү билсин, - дейт.

Кан Манас ченде жок марттыгын көрсөтүп, тартуусуна минген күлүгү Аккуласын баш кылып, өзүнүн касиеттүү курал-жарагынын баарын: Аккелтесин (мылтыгы), Сырнайзаны, Ачалбарсын (кылычы), кийитине Аккүбө тонун жабууну ишаарат кылат жана алаш элинде калгысы келбесе, Арабыстанга ала кетүүсүн, кааласа Бээжинге ала кетсин деп, ак жүрөгүнөн тартуулап жатканын Алмамбеттин өзүнө билдирет. Бул кырдаалда, албетте, Манас аны кадырлоонун, барктоонун, баалоонун жогорку өрнөгүн көрсөтүүдө.

Кыргыздын **баш куттуктоо** көөнө салты жөнүндө Амантур Акматалиев: "Алыс сапардан (эл четинен, жоо бетинен) ат-көлүгү аман келгенде, кокустук кырсыктардан аман калганда, оорудан айыкканда, айтор, алтын башын сак-саламат көрүшкөндө ага-туугандары, эже-карындаштары, дос-тамырлары, куда-сөөктөрү ага акча-тыйын сунуу, мал энчилөө, кийит кийгизүү өңдүү жай айтуу. Жетине албай сыйлап тосуп алуу салты. Ар адам алына жараша, айрымдар кадыр-баркына карата жакалуу кийит кийгизет. Көз алдына жорго, күлүк, белдүү жылкыны ээр-токуму менен минип кеткендей алдына тарткан", - боло келгенин белгилейт. [2, 56-б.]

Улук эр мында келипсиз,

Кадамыңды куттуктап [1, 1083-б.]

Андан ары **садага жөрөлгөсүн** (*башкача айтканда, жаман көздөн, суук сөздөн калкалоонун ырымын кылып*), өткөрүп, Манас казыначы жигитти чакырып, Алмамбеттин башына кырк миң дилде чачтырып, аскерине талатат жана алты челек сары майды Алмамбеттин башынан кайра-кайра айлантып, алтымыш тайган иттерге төгүп берип жалатат.

Ошондой эле садагасын кылып, канаттуу-куштарды тоюндурган жагдай да баяндалат. Ошентип, Манас кыргыз элинин каада-салт жөрөлгөлөрүн өз нугунда аткаруунун камын көрүп, кытайдан келген канзааданы улуктоонун үлгүсүн жоокерлерине, журтуна белгилөөдө.

Үстүндөгү кийимдеринен баатырлык тонун өзүнө калтырып, эски кийим-кечелерин карып-мискиндерге берүүсүн Алмамбет өтүнөт. Анын кийимдеринин өзгөчөлүгү – кырмызы жибектен тигилген болчу. Алмамбет кичине болсо да карыптардын көңүлүн алууну, аларды кубантууну ойлойт. Башкача айтканда, садаганын учугу уланат.

Ошентип, кан Манас тарабынан Алмамбет баатырды кадырлап тосуп алууга байланыштуу бардык салттуу жөрөлгөлөр: анын башын, кадамын куттуктоо салты, алыс сапардагы жолоочуга ак ичирүү (сунуу), кайыр-садага, бата берүү ж.б.лар өткөрүлгөн соң, Алмамбеттин Манастын кошунда калуусуна, же кайтуу чечимине кызыгышат. Манасты чоң кубанычка бөлөп, Алмамбет калуу чечимине келгенин билдирет жана башынан буга чейин кандай гана азаптуу күндөрдү өткөргөнүн саймедиреп, кыргыздардын ынтымактуу эл болуусун абдан өтүнөт:

Ырас мени тур десең

Ынтымак сурайм көбүңдөн.

Кудай берсе ынтымак

Куусаң кетпейт, ырыс бак.

Мени коё салыңар,

Ынтымактуу жүрмөккө

Бата кылгын баарыңар!" - деп, [1, 1087-б.], ак дилинен чыккан каалоо-тилегин билдирет. Кыраакы Алмамбет да кан Манастын мыктылыгын, адамгерчилигин, калыстыгын, акыл дараметин туура баалап, ага акыреттик дос жана анын эң жакын санаалаш чоросу болууну ниетине алат.

Эң жакын чоролорунун бири катары Алмамбеттин акылынын Манас үчүн маанилүү роль ойногонуна айрым мисалдар келтире кетели.

Алмамбеттин башын куттуктап жана анын Манастын чоросу болуп калганына арнап Манас чоң той өткөрүп, андан соң аны батыраак үйлөндүрүүнү ойлонот. Кыз издей баштайт. Бул Манастын улуу адамгерчилиги, камкордугу болчу. Анткени, Алмамбет буга чейин кан Көкчөгө жана казактарга тогуз жыл кызмат кылат. Ушул жылдар ичинде Көкчө Алмамбетти үйлөндүрүүнү оюна албаган. Чынында, Көкчөнүн баатырдыгы, балбандыгы ченемсиз жана бул касиеттери жагынан Манастан эч кем эмес болгон. Бирок Алмамбеттин азаматтыгын баалоого, барктоого келгенде Манастын жана Көкчөнүн айырмачылыгы даана көзгө урунат. Күндөрдүн биринде Алмамбет Манас менен кеңешүү үчүн аны издей баштайт. Манастын тартууга келген аялы Карабөрктүн үйүнө келип сураса, ал анын сүйүктүү токолу Акылайдын жанынан эртели-кеч чыкпай калганын айтып чогоолдонот. Карабөрктүн мындай капалуу жообуна айран-таң болгон Алмамбет Акылай жашаган үйгө барса, ал үйдүн астанасынан баш бакпай, үйүндө туруп, тескерисинче, Карабөркко кетип калган деп, күңгүрөнүп, текеберленет. Алмамбет алардан жарытылуу оң жооп алалбай, ал үчүн күтүүсүз болгон бул кырдаалдардан соң, ал Манаска жолугуп, ал-жайды сурашканда, Манас ага кыз издеп жүргөнүн айтат. Анда Алмамбет Манаска кайрылып: -мени коё туруп, өзүңдү байкасам, бойдок сымал экенсиң, - дейт. Алмамбеттин акыл кеңешин туура кабыл алып, Манас нике жолу менен кызга үйлөнүү максатында атасы бай Жакыпка жөнөйт.

Дагы бир маанилүү жагдай. Чоң казатка бараткан жолдо Алмамбет минген күлүгүн кан Манаска жанаша бастырып, ачуулуу Манаска кеп айтуунун ыгын, эбин таап, сөзүн баштайт: - султаным, сизге айтаар арзым бар. Алыс сапарга, жортуулга аттандык. Сапарыбыз оң, акжолтой болсун үчүн жеңем Каныкейге жолугуп, анын батасын алганыбыз жөн” деген сунушун айтат. Ошентип Манас кырк чоросу менен Каныкейге карай бурулушат:

Сарамжалга карк толгон,  
Саа ылайык киши эле,  
Олуя кандын кызы эле,  
Кара кан кызы Каныкей  
Ордосуна барсак – деп,  
Оң батасын алсак – деп,  
Ушинтип жолго салсак” – деп,  
Алмамбет айтып салганы,  
Айтканын угуп Эр Манас,  
Арсаңдап күлүп калганы. [1, 1647-б.]

Алмамбеттин сунушу Манаска жакканын аңдап-туюу мүмкүн. Каныкей мурунтан Манастын күндөрдүн бир күнүндө Чоң жортуулга аттануусун боолголоп, сезип билип жүргөн болчу. Манас баштаган кырк чорону Каныкей нарк күтүнүү менен тосуп чыгып, аларды минген күлүктөрүнөн түшүрүүнү, Ак ордо боз үйгө кирип жайгашууну ишаарат кылат. Алдыларына сыйлуу беш бармак (нарын) тамагын тарттырат. Андан ары Каныкейдин сарамжалына, камдуулугуна күбө болушат. Ар бир чорого кийит, тон кийгизет. Жайдын аптаптуу күнүндө киерге абдан мыктылап жасалган:

Сайса найза тешкисиз,  
Чапса кылыч кескисиз,  
Баары алтындан чоктолуу,

Кырк чорого кырк калпак, [1, 1651-б.], ал эми кышкы ызгаардан сактачу кырк баалуу тумак, чоролордун ар бирине “Он эки көйнөк, он дамбал” [1, 1652-б.], кырк чопкут, абдан мыкты тигилген кырк өтүк, баарына кемер кур, ок өтпөс соот жасап, жана башка буюм-тайымдар менен жабдыйт. Баатырлардын минген күлүктөрүнө жолборс үртүк жаптырганы, үстүнө кундуз көрпө тарттырганы, мамык жаздык арттырганы, басмайылдан үчтөн тарттырганы айтылат. Бул даярдыкты Каныкей колунан көөрү төгүлгөн усталарды, уз-чеберлерди алдырышып, айлап-жылдап жасатышканы сүрөттөлөт. Каныкейдин сарамжалы, улуу камкордугу баатырларды намысына келтирип, шердентип, Манастын “Ак келтенин огу урсун, Көк

милтенин чогу урсун" [1, 1655-б.] деген сөздөрдү жүрөгүнө алган касам кылуусу менен аяктайт.

Чоң казатка бараткан алыскы сапарда алгач зор ишеним көрсөтүлүү менен аскер башчылыкка Бакай шайланат. Бирок, жолдун өйдө-төмөн, күңгөй-тескейин билбегенден улам жоокерлердин арасында тартип бошоңдой түшөт. Жоокерлердин мындай баш аламан боло түшкөн жагымсыз абалын байкаган кан Манас, бул жагдай кубаттуу душмандан жеңилүүгө алып келээрин түшүнүп, жолдун жөнүн, түйшүгүн, булуң-бучкагын жакшы билген Алмамбетти жарлыгы менен аскер башчылыкка дайындайт. Алмамбет аскердик тартипти "таштай чыңдоо" максатында башкаруу ишине жаңылык кийирет. Мындайча айтканда, "он башы", "жүз башы", "миң башы" ж.у.с. аскердик наамдарга (чиндерге) буйрук чыгарып, аларга тиешелүү башчыларды дайындайт. Буга эпостон тиешелүү саптарга сереп салчу болсок:

Он кишиге бир киши
Он башы коюп кетиптир,
Жүзүн санап алганы,
Жүз адамга бир адам
Жүз башы коюп салганы.
Миңин санап алганы,
Миң кишиге бир киши
Миң башы коюп салганы. [1, 1670-б.]

Ошол башылар жоокерлердин эсебин дайыма алып турууга, ооруп калгандарды, сыркоологондорду дарылоого, аскердик тартипти катуу көзөмөлдөөгө, тартип бузгандарга чара колдонууга, аёосуз жазалоого милдеттендирилет. Эгер башылардын өзүлөрү аларга тагылган жоопкерчиликтерине салкын мамилеси орун алса, мыйзамдуу түрдө катуу жаза көрүлөрү буйрукта каралган болчу. Алмамбеттин көргөн мындай мүнөздөгү өзгөчөлүү иш-чаралары аскерлердин арасында бекем тартип орнотууну шарттаган жана бул кан Манасты канааттандырып, ал Алмамбеттин аскердик ишмердүүлүгүнө ыраазы болот.

Бул тарыхый жолугушуудан жана андан кийинки окуялардын жүрүшүнөн биздин азыркы күндөгү бийликтин жогорку серсинде отурган жетекчилерибиз өзүлөрүнө таалим-тарбиялык сабак алчу жагдайлар арбын.

Ошентип, Алмамбет кан Манастын эң мыкты чоролорунун бири болуп калат.

**Адабияттар:**


1. **Манас:** Кыргыз элинин баатырдык эпосу[Текст]/Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча; КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Түз. С. Мусаев. –Б.: Хан-Теңир. -2010. -1840 б.
2. Акматалиев, Амантур Сейтаалы уулу. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] / Амантур Сейтаалы уулу Акматалиев. –Б.: Шам, 2000. -348 б.
3. Алимбеков, Акматали. "Манас" – салттуу педагогикалык билимдердин көөнөрбөс булагы // Шоокум, №9(97), сентябрь, 2014-жыл, 8-б.
4. Абдишукур ажы, Нарматов. Адам адеби. –Б.: 2017. -214 б.
5. Кадыров, Ысмайыл. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. -Б.: Бийиктик плюс, 2014. -300 б.
6. **"Манас" эпосунун түшүндүрмө сөздүгү** [Текст] / Түз.: А. Акматалиев ж.б. –Б.: 2015. -288 б.
7. Муратов А. "Манас" эпосундагы элдик тарбиялык салттар // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы, №4, 3-чыгарылыш, 2015. -197-б.

**Кыштообаева Ч. А.,**
*Талас мамлекеттик университетинин ага окутуучусу.*

**«САНДЫК МЕТОДДОР» ПРЕДМЕТИНИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ**

**Кыштообаева Ч.А.,**
*Старший преподаватель Таласского Государственного Университета.*

**ОБ ИСТОРИИ ВОЗНИКНОВЕНИЯ ПРЕДМЕТА «ЧИСЛЕННЫЕ МЕТОДЫ»**

**Kyshtoobaeva Ch. A.,**
*Senior Lecturer TalGU*

**ON THE HISTORY OF THE SUBJECT «NUMERICAL METHODS»**

УДК 372.851

**Аннотация:** *В данной статье рассматривается история развития численных методов. Численные методы-это методы приближенного решения математических задач, сводящиеся к выполнению конечного числа элементарных операций над числами. Разработка новых численных методов и применение ЭВМ привели к возникновению направления — вычислительная математика, которое в настоящее время нередко включают в состав класса численных методов, т.е. в узком понимании рассматривают как теорию численных методов и алгоритмов решения типовых математических задач. Исходное понимание класса численных методов постепенно расширялось, и в настоящее время в этом классе выделяют конечные и бесконечные численные методы. Предметом изучения вычислительной математики являются численные методы решения задач математического анализа: изучение алгоритма метода, условия сходимости итерационных методов, изучение границ применимости методов, исследования оценок погрешностей методов и вычислений. Главным разделом вычислительной математики является реализация численных методов на ЭВМ, то есть составление программы для требуемого алгоритма и решения конкретной задачи с помощью составленной программы.*

**Ключевые слова:** *численные методы, алгоритм, итерация, математическая задача, программирования, приближенные методы, числа.*

**Аннотация:** *Макалада сандык методдордун өнүгүү тарыхы кыскача маалымат берилет. Математикалык маселелерди жакындаштырып чыгаруу методдору сандык методдор деп аталат. Сандык методдор маселелерди чыгарууну, чектүү сандагы арифметикалык амалдарды аткарууга келтирүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Жаңы сандык методдорду иштеп чыгуу жана ЭЭМди багыттуу колдоно билүү, азыркы учурда сандык методдордун топтомун камтыган эсептөө математиканын пайда болушуна алып келди. Башкача айтканда, эсептөө математикасы сандык методдордун теориясын жана математикалык маселелерди алгоритмдик жактан чыгарууну камтыйт. Сандык методдор предметинин түшүнүктөрү кеңейтилүүдө жана азыркы учурда чектелген жана чексиз сандык методдору колдонулууда. Эсептөө математиканын предметтин окутууда математикалык анализдин маселелерин чыгаруунун сандык методдору каралат: методдун алгоритмин түзүү, итерациялык методдордун жыйналуучулук шарттары, методордун колдонуу чектери, каталарды баалоо жана эсептөө. Эсептөө математиканын негизги бөлүмү ЭЭМде сандык методдорду ишке ашыруу, башкача айтканда, алгоритмдин жардамы менен программаны түзүү жана конкреттүү маселелерди түзүлгөн программа аркылуу чыгаруу болуп саналат.*

**Түйүндүү сөздөр:** *сандык методдор, алгоритм, итерация, математикалык маселе, программалоо, жакындатылган сандар, сандар.*

**Abstract:** *this article discusses the history of the development of numerical methods. Numerical methods are methods of approximate solution of mathematical problems, which are reduced to performing a finite number of elementary operations on numbers. The development of new numerical methods and the use of computers led to the emergence of the direction — computational mathematics, which is now often included in the class of numerical methods, that is, in a narrow sense, is considered as the theory of numerical methods and algorithms for solving typical mathematical problems. The original understanding of the class of numerical methods has been gradually expanded, and finite and infinite numerical methods are now distinguished in this class.The subject of the study of computational mathematics are numerical methods for solving problems of mathematical analysis: the study of the algorithm of the method, the conditions of convergence of iterative methods, the study of the limits of applicability of methods, the study of error estimates of methods and calculations. The main section of computational mathematics is the implementation of numerical methods on a computer, that is, compiling a program for the required algorithm and solving a specific problem with the help of a compiled program.*

**Keywords**: *numerical methods, algorithm, iteration, mathematical problem,programming, approximate method,; numbers.*

В связи с развитием новой вычислительной техники прикладной направлении практики наших дней все чаще и чаще встречается с математическими задачами, точное решение которых получить весьма сложно или невозможно. В этих случаях обычно прибегают к тем или иным приближенным вычислениям. Вот почему приближенные и численные методы математического анализа получили за последние годы широкое развитие и приобрели исключительно важное значение.

Новые вычислительные средства вызвали переоценку известных методов решения задач с точки зрения целесообразности их реализации на ЭВМ и стимулировали создание более эффективных. В то же время приспособление какого-либо метода для работы на ЭВМ выдвинуло специфическую проблему «устойчивости вычислительной схемы» [1].

<u>Вычислительная математика = ЭВМ + Численные методы</u>

Предметом изучения вычислительной математики являются численные методы решения задач математического анализа: изучение алгоритма метода, условия сходимости итерационных методов, изучение границ применимости методов, исследования оценок погрешностей методов и вычислений. Главным разделом вычислительной математики является реализация численных методов на ЭВМ, то есть составление программы для требуемого алгоритма и решения конкретной задачи с помощью составленной программы.

Численные методы в исходном понимании - это методы приближенного решения математических задач, сводящиеся к выполнению конечного числа элементарных операций над числами. В качестве элементарных операций фигурируют арифметические действия, выполняемые обычно приближенно, а также вспомогательные операции — записи промежуточных результатов, выборки из таблиц и т.п. Числа задаются ограниченным набором цифр в некоторой позиционной системе счисления (десятичной, двоичной и т.п.) [2].

Таким образом, в этом классе методов числовая прямая заменяется дискретной системой чисел (сеткой); функция непрерывного аргумента заменяется таблицей ее значений в сетке; операции анализа, действующие над непрерывными функциями, заменяются алгебраическими операциями над значениями функций в сетке. В результате численные методы сводят решение математических задач к вычислениям. При этом вычисления могут быть выполнены как вручную, так и с помощью вычислительных машин.

Элементы численных методов появились еще в Древнем мире. В Вавилонии использовались математические таблицы и была известна приближенная формула вычисления квадратного корня. В Древней Греции применялись методы приближенного нахождения числа п путем построения сближающихся приближений сверху и снизу (Архимед, III в. до н.э.) и тригонометрической таблицы Птолемея (II в. н.э.). В Средние века в странах Средней Азии и Ближнего Востока получили развитие и широкое применение: позиционная система счисления, приближенные формулы, численное решение кубических уравнений методом последовательных приближений, высокоточные вычисления с применением развитой системы контроля, построение таблиц (например, таблиц синусов Улугбека) с высокой точностью.

В XVI—XVII вв. в Европе численные методы повлияли на развитие математики в целом. Открытие логарифмов привело к созданию методики вычислений, основанной на приведении формул к виду, удобному для логарифмирования, и применении логарифмических таблиц. Французский математик Ф. Внет предложил для приближенных решений алгебраических уравнений метод, сходный с методом Ньютона. Во второй половине XVIII в. для вычислений стали широко применяться бесконечные процессы, обрываемые на конечном этапе, итерационные процессы, непрерывные дроби, бесконечные произведения, ряды. В рамках математического анализа развиваются отдельные самостоятельные области: численное решение уравнений,

приближенное вычисление значений функций, численное интегрирование, численное решение дифференциальных уравнений и др.

Разработка новых численных методов и применение ЭВМ привели к возникновению направления — вычислительная математика, которое в настоящее время нередко включают в состав класса численных методов, т.е. в узком понимании рассматривают как теорию численных методов и алгоритмов решения типовых математических задач.

Вычислительные методы применяют для решения систем линейных уравнений, интерполирования и приближенного вычисления функций, численного интегрирования, численного решения систем нелинейных уравнений, численного решения обыкновенных дифференциальных уравнений, численного решения уравнений в частных производных (уравнений математической физики), решения задач оптимизации и т.д.

Таким образом, исходное понимание класса численных методов постепенно расширялось, и в настоящее время в этом классе выделяют конечные и бесконечные численные методы.

Конечные методы позволяют получать решение за конечное (но обычно заранее неизвестное) число шагов. К ним относят: симплекс-метод (с полной симплексной таблицей, с использованием обратной матрицы, с мультипликативным представлением обратной матрицы); двойственный симплекс-метод; метод последовательного сокращения невязок (комбинация обычного и двойственного симплекс-метода); метод наискорейшего спуска; метод сопряженных градиентов для минимизации квадратичной функции; методы условной минимизации, основанные на теореме Куна — Таккера. Область применения конечных методов ограничена линейным и квадратичным программированием.

Бесконечные методы основаны на построении последовательности все более точных приближений к решению. При этом, прекращая процесс на том или ином шаге итераций, можно получить решение с заданной точностью. К этой группе методов относят: метод Брауна — Робинсона, основанный на связи между парой задач линейного программирования (исходной и двойственной) и матричной игрой, т.е. на применении при решении задач математического программирования методов теории игр; метод штрафных функций, или метод штрафов, базирующийся на использовании функций штрафов[4].

Поскольку конечные и бесконечные численные методы обладают общими достоинствами и недостатками, вводят классификацию методов по видам итераций.

При этом выделяют четыре вида итераций.

1. Методы возможных направлений.
2. Методы, в которых последовательные приближения xk не удовлетворяют ограничениям, и в процессе итераций невязка в выполнении ограничений сводится к нулю.
3. Итерационный процесс ведется не только по исходный, но и по двойственным переменным (множителям Лагранжа, оптимальным оценкам).
4. Методы, основанные на учете ограничении с помощью штрафов.

Штрафы включаются в минимизируемую функцию. При этом получается последовательность задач на безусловный минимум, каждая из которых может решаться с помощью различных методов: градиентного метода, метода сопряженных градиентов, метода Ньютона и т.д.

К численным методам относят также методы решения задач специального вида: транспортные (транспортная задача), блочные (блочное программирование).

В современных условиях при применении ЭВМ число методов расширяется. В частности, разрабатываются методы, основанные на использовании кусочно-линейной аппроксимации, комбинаторных

алгоритмов, разработке непрерывных вариантов дискретных методов, строится непрерывная траектории, задаваемая дифференциальными уравнениями.

В последующем в качестве наиболее значимого и получившего широкое распространение выделили направление, обычно кратко называемое математическим программированием.

Математическое программирование и теория оптимизации — математическая дисциплина, посвященная теории и методам решения задач о нахождении экстремумов функций на множествах, определяемых линейными и нелинейными ограничениями (равенствами и неравенствами).

Первыми подробно изученными задачами поиска экстремума функций при наличии ограничений типа неравенств были задачи линейного программирования. Подобные задачи были впервые поставлены в 1820 г. Ж.-Б. Фурье.

Зарубежные исследователи признали приоритет Л. В. Канторовича, и метод математического программирования получил широкое применение в экономике.Термин "линейное программирование" был предложен Дж. Данцигом в 1949 г. для изучения теоретических и алгоритмических задач, связанных с оптимизацией линейных функций при линейных ограничениях.

Присутствие в названии термина слова "программирование" объясняется тем, что первые исследования и первые приложения линейных оптимизационных задач были в сфере экономики, так как в английском языке слово означает "планирование, составление планов или программ". Вполне естественно, что терминология отражает тесную связь, существующую между математической постановкой задачи и ее экономической интерпретацией (изучение оптимальной экономической программы). Поэтому наименование "математическое программирование" связано с тем, что целью решения задач является выбор оптимальной программы действий [5].

В 1931 г. венгерский математик Б. Эгервари рассмотрел математическую постановку и решил задачу линейного программирования, имеющую название "проблема выбора"; метод решения получил название "венгерский метод". В 1949 г. Л. В. Канторовичем совместно с М. К. Гавуриным разработан метод потенциалов, который применяется при решении транспортных задач.

Основной метод решения задач линейного программирования — симплекс-метод — был опубликован в 1949 г. Дж. Данцигом. Дальнейшее развитие методы линейного и нелинейного программирования получили в работах Г. Купа, А. Таккера, С. Гасса, А. Чарнеса, Е. М. Била и др.

В настоящее время для эффективного применения методов математического программирования и решения задач на компьютерах разработаны алгебраические языки моделирования, представителями которыми являются AMPI, и LINGO. Существуют также пакеты прикладных программ для реализации симплекс-метода.

Методы математического программирования рядом исследователей считаются самостоятельным классом математических методов. Однако нередко их включают в число численных методов.

Область применения конечных численных методов - линейное и квадратичное математическое программирование. Теория математического программирования является основой теории оптимизации.

Л. С. Понтрягиным и его учениками был создан метод решения оптимальных задач, получивший название "принцип максимума Л. С. Понтрягина". Этот метод является обобщением необходимого условия Вейерштрасса — сильного минимума функционала задачи оптимизации, и для большинства практических оптимальных задач получается как непосредственное следствие этого условия.

В настоящее время для курса «Численные методы» характерно большое отставание методической базы от развития современных IT технологий.

Созданные в конце прошлого века мощные компьютеры позволили по новому взглянуть на традиционные численные методы решения задач. Часть старых проблем связанных с ограниченными возможностями ручных вычислений, такие как число итераций, количество арифметических действий, объём вводимой и получаемой информации стали менее актуальными. На первый план выдвинулись другие проблемы, а именно, проблема погрешностей вычислений, внедрения новых быстродействующих алгоритмов обработки больших объёмов информации, визуализации информации. Появилась целая отрасль IT технологий связанная с разработкой специальных математических пакетов (MatLab, Maple, MatCad и другие пакеты). Одновременно возник целый ряд новых нетрадиционных для численных методов задач, которые в силу всё более широкого их внедрения в практику инженерных и научных вычислений должны быть включены в курс "Численные методы", например, задачи связанные с анализом случайных процессов.

Задача нахождения корней нелинейных уравнений вида *F x)=0* встречается в различных областях научных исследований (здесь $F(x)$ - некоторая непрерывная функция). Нелинейные уравнения можно разделить на два класса - алгебраические и трансцендентные. *Алгебраическими* уравнениями называются уравнения, содержащие только алгебраические функции (целые, рациональные, иррациональные). В частности, многочлен является целой алгебраической функцией. Уравнения, содержащие другие функции (тригонометрические, показательные, логарифмические и др.), называются *трансцендентными*.

Методы решения нелинейных уравнений делятся на *прямые* и *итерационные*. Прямые методы позволяют записать корни в виде некоторого конечного соотношения (формулы). Известны такие методы для решения тригонометрических, логарифмических, показательных, а также простейших алгебраических уравнений.

Однако встречающиеся на практике уравнения не удается решить такими простыми методами. Для их решения используются *итерационные* методы, т.е. методы последовательных приближений. Алгоритм нахождения корня уравнения с помощью итерационного метода состоит из двух этапов:


а) отыскания приближенного значения корня или содержащего его отрезка;

б) уточнения приближенного значения до некоторой заданной степени точности.

Пример: Вычислить наименьший положительный корень уравнения

$2\ln(x) - \frac{1}{x} = 0$ с точностью $\varepsilon = 10^{-4}$.

Решение:




Уравнение $2\ln(x) - \frac{1}{x} = 0$ представим в виде $2\ln(x) = \frac{1}{x}$ и построим графики функций $y_1 = 2\ln(x)$, $y_2 = \frac{1}{x}$ с помощью математического пакета Maple 9 или MS Excel. Определим отрезок, в котором функции пересекаются. По графику видно, что единственный корень данного уравнения находится на отрезке *[1;2]* (точка пересечения двух графиков).

Проверим условия существования корня на предполагаемом отрезке:

1) должно выполняться условие $f(1)\cdot f(2)<0$

$f(1) = 2\cdot\ln(1) - 1 = -1$

$f(2) = 2\cdot\ln(2) - 1/2 = 0{,}8863 \Rightarrow f(1)\cdot f(2) < 0$;

2 2

2) $f'(x) = \frac{2}{x} + \frac{1}{x^2}$ для $x \in [1;2]$ ; 3) $f''(x) = -\frac{2}{x^2} - \frac{2}{x^3}$ для $x \in [1;2]$. Условия выполнены, следовательно, на отрезке *[1;2]* корень трансцендентного уравнения существует.

Найдём согласно комбинированному методу его приближение до четвёртого знака, используя для подсчёта MS Excel.

В первой строке составляем заголовок таблицы:

B1 – модуль разности концов отрезков $|a-b|$

C1 – начальное значение левого конца отрезка $a$

D1 – начальное значение правого конца отрезка $b$

E1 – значение функции в точке левого конца отрезка $f(a)$

F1 – значение функции в точке правого конца отрезка $f(b)$

G1 – значение производной функции в точке правого конца отрезка $f'(b)$

Во второй строке вводим начальные данные концов отрезка $a$, $b$.

Вычисляем: $|a-b|$, $f(a)$, $f(b)$, $f'(b)$ в ячейках B2, E2, F2, G2 соответственно.

В ячейку C3 вводим формулу (2.5.1), в ячейку D3 – формулу (2.5.2).

Все столбцы получились зависимыми. Протягиваем каждый столбец вниз, выделяя только последнюю ячейку. До тех пор, пока модуль разности не будет удовлетворять заданной точности, то есть $|a - b| \leq 0{,}0001$.

Точность можно выбрать произвольную, указав в меню Формат – Ячейки – Числовой – количество знаков после запятой. Чем больше знаков после запятой, тем точнее результат.

Таким образом, корень будет вычисляться в виде полусуммы концов отрезка, модуль разности которых будет меньше заданной точности.

fx =ЕСЛИ(B5<0,0001;(C5+D5)/2;" ")

| B | C | D | E | F | G | H |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **\|a-b\|** | **a** | **b** | **f(a)** | **f(b)** | **f'(b)** | **корень** |
| 1,0000 | 1 | 2 | -1 | 0,886294 | 1,25 | |
| 0,2392 | 1,53014 | 1,290965 | 0,197183 | -0,26384 | 2,149257 | |
| 0,0141 | 1,427842 | 1,413721 | 0,01197 | -0,0149 | 1,915055 | |
| 0,0000 | 1,421552 | 1,421503 | | | | 1,4215 |

Ответ: $x_0 = 1{,}4215$.

**Литература**


1. Самарский А.А., Гулин А.В. Численные методы. М.: Наука, 1989.
2. Демидович Б.П., Марон И.А. Основы вычислительной математики. М.: Физматгиз, 1966.
3. Калиткин Н.Н. Численные методы. М.: Наука, 1978.
4. Демидович Б.П., Марон И.А., Шувалова Э.З. Численные методы анализа. М.: Наука,1967.
5. Бахвалов Н.С. Численные методы. М.: Наука, 1987.
6. Марчук Г.И. Методы вычислительной математики. М.: Наука, 1989.
7. Волков Е.А. Численные методы. М.: Наука, 1987.
8. Моисеев В.С., Горбунов Д.А. Метод малого параметра для решения задач анализа и синтеза проектных решений на базе неявно заданных функциональных зависимостей. //Изв.вузов, Авиационная техника, 1998, №4, с.3-10

**МАЗМУНУ**

**СОДЕРЖАНИЕ**

**CONTENT**

***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***

***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***PEDAGOGICAL SCIENCE***

**1. Р.И.Насипбаева,**
ОКУТУУ ОРУС ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДИН ПРОГРАММАСЫНДА
“МАНАС” ҮЧИЛТИГИНИН ОРУН АЛЫШЫ........................................2
**Р.И.Насипбаева,**
МЕСТО ТРИЛОГИИ "МАНАС" В ПРОГРАММЕ ШКОЛ С РУССКИМ ЯЗЫКОМ ОБУЧЕНИЯ...................2
**R. I. Nasipbaeva,**
PLACE TRILOGY "MANAS" IN THE PROGRAM OF SCHOOLS WITH RUSSIAN
LANGUAGE OF INSTRUCTION........................................2

**2. Р.И.Насипбаева,**
ОКУТУУ ОРУС ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДИН
IX КЛАССЫНДА “МАНАС” ЭПОСУНУН СЮЖЕТИН ӨЗДӨШТҮРҮҮ........................................10
**Р.И.Насипбаева,**
ОСВОЕНИЕ СЮЖЕТА ЭПОСА "МАНАС" В IX КЛАССЕ В ШКОЛАХ
С РУССКИМ ЯЗЫКОМ ОБУЧЕНИЯ ........................................10
**R. I. Nasipbaeva,**
MASTERING THE PLOT OF THE EPIC "MANAS" IN THE IX CLASS IN SCHOOLS
WITH THE RUSSIAN LANGUAGE OF INSTRUCTION........................................10

**3. Оторбаев Б. К.**
КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН МЕКТЕПТЕ ЗАМАНБАП ТАЛАПТАРДА ОКУТУУНУН
НЕГИЗДҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ........................................19
**Оторбаев Б. К.**
ОБОСНОВАННЫЕ ВОПРОСЫ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ В ШКОЛАХ
НА ОСНОВЕ СОВРЕМЕННЫХ ТРЕБОВАНИЙ ……………………………………19
**B. K. Otorbaev**
LEGITIMATE QUESTIONS OF EDUCATION OF THE KYRGYZ LITERATURE IN SCHOOLS
ON THE BASIS OF MODERN REQUIREMENTS……………………………………19

**4. Мурзабаев К. К.,**
МАТЕМАТИКА ПРЕДМЕТИН ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ПРЕДМЕТТЕРИ МЕНЕН
ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ........................................30
**Мурзабаев К. К.,**
НЕКОТОРЫЕ ПУТИ ИНТЕГРИРОВАННОГО ИЗУЧЕНИЯ ПРЕДМЕТА
МАТЕМАТИКИ С ЕСТЕСТВЕННОНАУЧНИМИ ПРЕДМЕТАМИ........................................30
**Murzabaev K. K.,**
SOME WAYS OF INTEGRATED TEACHING OF MATHEMATICS AND NATURAL SCIENCES.................30

**5. Мамытова М.О., Ташматова Г.Д.,**
ОКУТУУНУН АКТИВДҮҮ УСУЛДАРЫН КОЛДОНУУ МЕНЕН БАШТАЛГЫЧ
КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ТААНЫП-БИЛҮҮЧҮЛҮК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ……..35
**Мамытова М.О., Ташматова Г.Д.,**
РАЗВИТИЕ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ
КЛАССОВ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ АКТИВНЫХ МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ……………………………….35
**Mamytova M.O., Tashmatova G.D.,**
ENHANCEMENTOF COGNITIVE ACTIVITY OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS USING
ACTIVE METHODS OF TEACHING…………………………………………………………………………35

**6. Г.Д.Абдуллаева, Г. Е. Ералин**
ИЗОБРАЗИТЕЛЬНОЕ ИСКУССТВО-ВЧЕРА, СЕГОДНЯ И ЗАВТРА.............................................................44
**Г.Д.Абдуллаева, Қ.Е.Ералин**
БЕЙНЕЛЕУ ӨНЕРІ – КЕШЕ, БҮГІН ЖӘНЕ ЕРТЕҢ..................................................................................44
**G.D. Abdullaeva, K. E. Eralin**
FINE ART-YESTERDAY, TODAY AND TOMORROW....................................................................................44

**7. И. А. Сайманов**
БУДУЩАЯ МУЗЫКА В ИСПОЛЬЗОВАНИИ УЧЕБНЫХ ТЕЛЕПРОГРАММ
ФОРМИРОВАНИЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧИТЕЛЯ.........................................47
**И. А.Сайманов**
ОҚУ ТЕЛЕБАҒДАРЛАМАЛАРЫН ҚОЛДАНУДАҒЫ БОЛАШАҚ МУЗЫКА
МҰҒАЛІМНІҢ КӘСІБИ ҚҰЗЫРЕТТІЛІГІН ҚАЛЫПТАСТЫРУ.....................................................................47
**I.A. Simanov**
FUTURE MUSIC IN THE USE OF EDUCATIONAL TV PROGRAMS
FORMATION OF PROFESSIONAL COMPETENCE OF A TEACHER............................................................47

**8. Имаралиева Ж. Р., Колдошев М. К.,**
АЛМАМБЕТТИН КЫРГЫЗДАРГА КЕЛГЕНДЕГИ ОКУЯСЫНЫН
ПЕДАГОГИКАЛЫК МААНИСИ.......................................................................................................................50
**Имаралиева Ж. Р., Колдошев М. К.,**
ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ СОБЫТИЯ ПРИЕЗДА АЛМАМБЕТА К КЫРГЫЗАМ……………….50
**Imaralieva J., Koldoshev M.,**
THE PEDAGOGIGAL SIGNIFICANCE OF THE EVENT OF THE ARRIVAL
OF ALMAMBET TO THE KYRGYZ ……………………………………………………………………….50

**9. Кыштообаева Ч. А.,**
«САНДЫК МЕТОДДОР» ПРЕДМЕТИНИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ………………………………………..56
**Кыштообаева Ч.А.,**
ОБ ИСТОРИИ ВОЗНИКНОВЕНИЯ ПРЕДМЕТА «ЧИСЛЕННЫЕ МЕТОДЫ»…………………………..56
**Kyshtoobaeva Ch. A.,**
ON THE HISTORY OF THE SUBJECT «NUMERICAL METHODS»…………………………………..….56